кырг.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы

Тилилими институту

Д. 10.05.299 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ

*Кол жазма укугунда*

УДК: 494.3(575.2)-56

ТОКОЕВ ТААЛАЙБЕК
ТОКТОСУНОВИЧ

# КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ЭКСПРЕССИВДИК СИНТАКСИСИ

Адистиги 10.02.01 – Кыргыз тили

**Филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациянын**
**а в т о р е ф е р а т ы**

45
42-44.

Бишкек – 2006

**Иш Ж.Баласагын атындагы КУУнун кыргыз тилилими кафедрасында аткарылды.**

**Илимий кеңешчи:** **Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор Сыдыков Ж.К.**

**Расмий оппоненттер:** **Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор Турсунов А.Т.**
**Филология илимдеринин доктору, профессор Иманов А.И.**
**Филология илимдеринин доктору Тагаев М.Ж.**

**Жетектөөчү мекеме:** **К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин кыргыз филология факультетинин кыргыз тилилими кафедрасы**

**Диссертация 2006-жылдын 3 - июлунда саат 10.00дө**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тилилими институтундагы Д.10.05.299 докторлук (кандидаттык) окумуштуулук даражаны ыйгаруу боюнча диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.**

**Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспектиси, 265а.**

**Иш менен Кыргыз Республикасынын Илимдер улуттук академиясынын Борбордук китепканасынан таанышууга болот.**

**Автореферат 2006-жылдын** 2-июнунда **жөнөтүлдү.**

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, филология илимдеринин кандидаты** **Жайлообаев Б.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациялык иштин актуалдуулугу.** Жалпы тил илиминин илимий-теориялык жактан бекемделишинин натыйжасында тилдин синтаксистик деңгээлинде да жаңы көз караштар пайда болуп, анын теориялык жоболору иштелип чыгууда. Бул илимий жоболорду далилдөөчү фактылар изилдөөгө алынып жаткан тилдин түрдүү функционалдык стилдеринде кездешип, ага карата сыпаттоочу илимий жыйынтыктар тилди изилдөөнүн методдоруна карата чыгарылып, окумуштуулар арасында зор кызыгууларды туудуруп жатат.

Сүйлөшүү аспектисининин ар тараптуулугуна жараша синтаксистик деңгээлдин өзгөчөлүктөрүн толук чагылдыруу азыркы учурда салттуу синтаксистин аспектисинде эч мүмкүн эместигин турмуш өзү далилдеп койду. Сүйлөшүү каражаты катары сүйлөм да теориялык жактан өзүн толук актай алган жок. Анын мүчөлөнүшү да (баш жана айкындооч) сүйлөшүү процессин толук тейлей албастыгы, формалдык мүнөздө экендиги синтаксистик изилдөөлөрдө ачык белгиленүүдө. Ошондуктан салттуу синтаксистин объектисинен оозеки сүйлөшүү синтаксиси, экспрессивдик, структуралык-семантикалык синтаксис, коммуникативдик (сүйлөшүү) синтаксис, деривациялык (трансформациялык) грамматика бөлүнүп изилдене баштады.

Коргоого сунуш кылынып жаткан илимий эмгек да синтаксистин өзүнчө тармактарынын бири – сүйлөшүү синтаксисинин актуалдуу проблемаларына арналган.

Бул проблема бүгүнкү күндө жалпы тил илими боюнча эмгектерде атайын изилдөөлөргө алынып, славян, роман-герман тилдеринде ар тараптуу чечмеленип, синтаксистин өзгөчө тармагы катары сыпатталууда.

Сүйлөшүү синтаксисин салттуу синтаксиске карама-каршы коюп изилдөө, жалпысынан, тил жана сүйлөшүүнү карама-каршы коюуга, аларды бири-биринен ажырымдоого, алардын сүйлөшүү процессин тейлөө өзгөчөлүктөрүнөн келип чыккандыгы талаш туудурбайт.

Ушу жагдайда тилчи окумуштуулар тилди сүйлөшүү каражаттарынын жана тилдик бирдиктердин, анын жалпылык, абстрактуулук белгилерин аныктоочу система катары, ал эми сүйлөшүүнү тилдик системаны аракетке келтирүүчү, анын иш-аракетин айкындоочу жеке, конкреттүү тилге караганда өзгөрүлмөлүү, динамикалык кубулуш экендигин эске алуу менен, тилдин жана сүйлөшүүнүн өзгөчөлүктөрүн аларды карама-каршы коюунун негизинде ачып берүүгө аракет жасашкандыгын баамдоого болот. Бул карама-каршы коюу өз мезгилинде окумуштуулар В. фон Гумбольдт, Г.фон Гебеленц, Ф.Финк, Ф.де Соссюр тарабынан коюлгандыгына карабастан, тил – сүйлөшүү дихотомиясы бүгүнкү күндө да толук кандуу чечилбей, окумуштуулардын талкуусунан түшпөй келүүдө. Тил жана сүйлөшүү биримдиги жөнүндөгү окуу бул эки кубулуштун илимдин ар түрдүү тармактарында изилдениши тууралуу маселенин коюлушуна жол бербейт. Бирок тил жана сүйлөшүүнүн өз ара өтө тыгыз байланыштуу жагдайлары аларды ажырымдоонун талап кылынбай тургандыгы жөнүндөгү проблеманы жокко чыгарбагандыгын да эстен чыгарбоого тийишпиз. Тил жана сүйлөшүүнүн бирдиктери жөнүндөгү маселелерди чечүү

жагдайындагы маселелер да ар дайым окумуштуулардын арасында талаш-тартыштарды туудуруп келгендигинин өзү эле бул маселелер али толук изилденип бүттү деген жыйынтык чыгарууга негиз түзбөйт. Демек, XXI кылымдагы лингвистикада бул проблемаларды дагы да терең изилдөө керектигин ырастап келет.

Сүйлөшүү синтаксисине тиешелүү анын экспрессивдик каражаттары, кубулуштары, анын бирдиктери жөнүндөгү маселелер бүгүнкү күндөгү тил илимине тиешелүү айрым эмгектерде чагылдырылганы менен, анын жалпы объектиси али толук тактала элек, орус жана герман тилдеринде айрым изилдөө иштери жүргүзүлсө да, бул изилдөөлөрдө ага тиешелүү кубулуштар ар башка өңүттөн каралгандыгына күбө болобуз. Демек, экспрессивдүү синтаксистик конструкцияларга синтаксистик конструкциялардын кайсы типтерин киргизүүгө болот деген маселенин өзү толук тактоону талап кылат. Коргоого коюлуп жаткан иштин актуалдуулугу да ушул жагдайлар менен шартталып, сүйлөшүү синтаксисинин экспрессивдүү мүмкүнчүлүктөрүн бүгүнкү күндөгү кыргыз тилинин абалына ылайык толук изилдөөгө алгачкы жолу аракет жасалып олтурат. *Бул аракет жалпы эле түркологиядагы алгачкы кадам экендигин* да баса белгилеп кетмекчибиз.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети**. Азыркы кыргыз адабий тилинин функционалдык стилдеринде калыптанган экспрессивдик синтаксистик конструкциялардын лингвостилистикалык өзгөчөлүктөрүн айкындоо изилдөөнүн объектиси, ал эми анын жалпы лингвистикалык табиятын ачып берүү изилдөөнүн предметин түзүп турат.

**Изилдөөдөгү илимий гипотеза**. Сүйлөшүү синтаксисинин илимий проблемалары салттуу синтаксистин маселелеринен кыйла деңгээлде айырмаланып турат. Ошондуктан бул тармактардын объектисин туура белгилөө жана илимий негизде бекемдөө маселелери азыркы тил илиминин актуалдуу маселелеринен болуп эсептелет. Тил жана сүйлөшүү, бир жагынан, тыгыз байланыштагы лингвистикалык объекти болсо да, алардын сүйлөшүүдөгү өзгөчөлүктөрү так айкындалбаса, келечектеги изилдөөлөргө терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Айтым жана сүйлөм, сүйлөм жана фраза түшүнүктөрү бири-бирине шайкеш // шайкеш келбеген тилдик жана сүйлөшүү бирдиктери экендиги, экспрессивдик конструкциялар катары сыпатталган парцелляция, сегментация, апозиопезис, эллипсис, обочолонуу сүйлөшүү синтаксисине гана тийиштүү кубулуштар катары каралыш керек деген илимий гипотезаны терең изилдөөнүн негизинде далилдеп, өз пикирибизди коргоого аракет кылабыз.



**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Экспрессивдик синтаксис сүйлөшүү өзгөчөлүктөрүнө тиешелүү атайын конструкцияларга ээ. Алар салттуу синтаксисте атайын изилдөөгө алынбай келген. Коргоого сунуш кылынган диссертациялык иште экспрессивдик конструкциялардын синтаксистик табиятын ачып берүү менен, алардын сүйлөшүү процессиндеги ролун, жүзөгө ашырылыш жолдорун жана шарттарын, стилдик өзгөчөлүктөрүн, прагматикалык, коммуникативдик функцияларын аныктап, тактап берүү максаты коюлат. Бул максатты жүзөгө ашыруу төмөнкү милдеттерди аткаруу менен байланышкан:

- экспрессивдүүлүк жана анын аймагы, сүйлөшүүдөгү экспрессивдүүлүктүн чагылдырылыш жолдорун айкындоо;
- экспрессивдик каражаттар жана сүйлөшүү синтаксисине тиешелүү экспрессивдик конструкцияларга илимий баа берүү;
- тил жана сүйлөшүүнүн аймактарын белгилөө жана чектөө;
- тилдик жана сүйлөшүү бирдиктерин айкындоо жана аларды бири-биринен ажырымдоо;
- сүйлөшүүнүн негизги бирдиктери айтылыш (фраза), айтымдын тилдик бирдик – сүйлөмгө болгон катыштыгын жана айырмачылыктарын айкындоо;
- тыныш белгилеринин сүйлөшүүнү түзүүдөгү ролун айкындоо;
- экспрессивдүү конструкциялар катары таанылган кубулуштардын объектисин тактоо;
- мындай конструкциялардын актуалдуу жиктелүү өзгөчөлүктөрүнө баа берүү;
- парцелляция, анын синтаксистик маңызы, стилдик өзгөчөлүктөрү, прагматикалык маанилерди аныктоо;
- сегментация, анын пайда болуу, өнүгүү жана стилдик өзгөчөлүктөрүн сыпаттоо;
- атама айтылыштардын экспрессивдик мүмкүнчүлүктөрүнө сүйлөшүү деңгээлинде баа берүү;
- кесинди конструкциялардын экспрессивдик-стилистикалык өзгөчөлүктөрүн, прагматикалык маанилерин тактоо;
- позициялык-лексикалык кайталоолордун синтаксистик-стилдик, прагматикалык функцияларын тактоо;
- экспрессивдик-синтаксистик конструкциялардын окшоштук жана айырмачылык жактарын айкындоо.

Жогорудагы коюлган максаттарды жана милдеттерди илимий негизде чечип берүү терең билим, теориялык жактан чоң даярдыкты, сапаттуу жана кеңири анализдерге негизделген изилдөөлөргө байланыштуу жүзөгө ашырылары шексиз.

**Изилдөөнүн усулдук-теориялык негиздери**. Ф.де Соссюр, Ш.Балли, Э.Бенвенист, А.А.Шахматов, Ф.Ф.Фортунатов, А.М.Пешковский, В.В.Виноградов, Л.Щерба, И.И. Мещанинов, В.Матезиус, Л.Ельмслев, В.Брёндаль, Г.Глисон, Н.Хомский, Н.В.Валгина, Ю.С.Степанов, Н.Слюсарева, Н.Белошапкова, Ю.В.Ванников, А.П.Сковородников өңдүү белгилүү тилчи окумуштуулардын, Н.К.Дмитриев, А.Н.Кононов, Н.А.Баскаков Г.Абдурахманов, М.Ш.Ширалиев, М.Закиев, М.Балакаев, Х.Есенов, Ф.С. Сафиуллина, С.Н.Абдуллаев, К.К.Сартбаев,

С.Кудайбергенов, А.Турсунов, А.Жапаров, Т.К.Ахматов, Б.Өмүралиев, А.Иманов, Б.Тойчубекова, С.Мусаев, К.Токтоналиев, Т.Ашырбаев сыяктуу түркологдордун жана кыргыз тилчилеринин эмгектериндеги илимий-теориялык эмгектерге таянуу менен тил – система – структуралык көрүнүш деген жобону методологиялык негиз катары пайдаланабыз.

**Изилдөөдөгү негизги илимий методдор**. Диссертациялык иштин жалпы методикалык негизин тилге система-структуралык жактан баа берүүгө негиз салган жана жол көрсөткөн чет өлкөлүк жана советтик тил илими боюнча эмгектерде берилген жоболор жыйынтыктар, илимий тыянактар түздү.

Иш тилдин өнүгүшүнүн азыркы абалын чагылдыргандыктан, синхрондук жана сыпаттама методуна негизделди. Анализге алынган материалдар системалык, конструкциялык жана иерархиялык ырааттуулук принциптерине негизделип, коммуникативдүү, конструктивдүү, функционалдык жана прагматикалык аспектилер да көз жаздымда калган жок.

Айрым талаш маселелерди чечүүдө ылайыгына жараша деривациялык, структура-семантикалык анализдер, изилдөөнүн теориялык жана эмпирикалык методдорунан байкоо, сыпаттоо, анализ, синтез, абстракциялоо, жалпылоо, салыштыруу, индукция, дедукция методдору колдонулду.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**. Экспрессивдик синтаксис проблемалары кыргыз тил илиминде гана эмес, түркологияда да эң алгачкы жолу изилдөөгө алынды. Бул проблемага тиешелүү төмөнкү маселелерге жаңыча баа берилет:

- экспрессивдүүлүктүн синтаксиске тиешелүү өзгөчөлүктөрүнө;
- сүйлөм жана айтылыштын (фразанын) катыштык жана айырмачылык жактарына;
- сүйлөм жана айтылыштын (фразанын) чек араларындагы шайкештик жана анын бузулушуна;
- айтылыштын (фразанын) интонациялык жана синтаксистик өзгөчөлүктөрүнө;
- айтым жана анын стилистикалык жана синтаксистик өзгөчөлүктөрүнө;
- парцелляция жана анын экспрессивдик-синтаксистик, стилистикалык өзгөчөлүктөрүнө;
- сегментация-сүйлөшүү синтаксисине тиешелүү кубулуш, стилистикалык ыкма экендигине;
- апозиопезис, анын прагматикалык, стилистикалык өзгөчөлүктөрүнө;
- позициялык-лексикалык кайталоо грамматикалык эмес, сүйлөшүү кубулушу экендигине;

Жогорудагы маселелер боюнча түркологияда алгачкы жолу илимий изилдөө жүргүзүлүп, тиешелүү тыянактар чыгарылат.

**Диссертациянын теориялык жана практикалык мааниси**.

Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы менен түрк тилдеринде сүйлөшүү синтаксисин изилдөө жанданаары шексиз. Иштин авторунун ар бир кубулуштун синтаксистик өзгөчөлүктөрү, андан чыккан корутундулар, теориялык жоболору кыргыз тилининин стилистикасында колдонууга толук мүмкүн.



Синтаксистин түрдүү тармактарын чагылдырган окуу китептерин түзүүдө, стилистика боюнча окуу куралдарын жазууда кеңири пайдаланууга болот.

Стилистикалык синтаксисти түзүүдө изилдөөчүлөргө өтө керектүү материалдар камтылган.

**Коргоого коюлуучу жоболор**. Жогорудагы максат, милдеттерден улам коргоого төмөнкү жоболор коюлат:

- тил жана сүйлөшүү тил илиминдеги өз алдынча тармактар катары;
- жалпы тил илиминде тил жана сүйлөшүүнүн ажырымдоо;
- айтылыш (фраза) жана сүйлөмдүн бири-бирине ар дайым эле төп келбеши;
- айтымдын универсалдуу бирдик экендиги;
- парцелляция, сегментация, апозиопезис, атама фразалар, позициялык – лексикалык кайталоо – тилдик эмес, сүйлөшүү кубулуштары экендиги;
- жогорудагы кубулуштардын окшоштугу жана айырмачылыктары, сөзсүз, ажырымдоого муктаж экендиги;

**Изилдөөнүн башатындагы негизги теориялык жоболор**.

- тил – структура – системалык көрүнүш экендиги;
- тил – мацыз, сүйлөшүү – кубулуш экендиги;
- тил – социалдык (коомдук), сүйлөшүү – жекелик экендиги;
- тилдик бирдик – сүйлөм, сүйлөшүү бирдиги – фраза (айтым) экендиги жана аларды, сөзсүз түрдө, теориялык планда ажырымдоо керектиги;
- айтымдын сүйлөшүү системасын тейлеген универсалдуу бирдик экендиги;
- экспрессивдүүлүк – сүйлөшүүгө түздөн – түз тиешелүү кубулуш экендиги;
- экспрессивдүү синтаксистик конструкциялардын пайда болуу булагы – оозеки сүйлөө экендиги;
- экспрессивдик конструкцияларды актуалдуу жиктелүү аспектисинде мүчөлөштүрүү зарылчылыгы;

**Изилдөөнүн материалдары**. Диссертациялык иште алдыга коюлган максат жана милдеттерди жүзөгө ашырыш үчүн кеңири факты-материалдар анализге алынды. Кыргыз жазма адабий тилинин бардык функционалдык стилдерине тиешелүү 25 646 карточкага талдоо жүргүзүлүп, ылайыгына жараша ишке пайдаланылды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын апробацияланышы**.

Диссертациялык иш Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин кыргыз тил илими жана мамлекеттик тил кафедраларынын кошмо жыйынында жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын тил таануу институтунун Окумуштуулар кеңешинде талкууланган. Диссертациянын негизги жоболору жана изилдөөнүн натыйжалары эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда баяндама түрүндө уктурулган.

Изилдөөнүн материалдары азыркы кыргыз тили, кыргыз тилинин стилистикасы предметтери боюнча КУУнун Кыргыз филология факультетинин 3–4-курстарына, «Азыркы тилдик теориялар» курсу боюнча

М.Кашгари-Барскани атындагы Чыгыш университетинин магистранттарына пайдаланууда.

**Изилдөөдөгү жыйынтыктардын публикациясы**. Диссертациялык иштин жалпы мазмунун чагылдырган «Кыргыз тилиндеги парцелляция кубулушу (жөнөкөй сүйлөм аспектисинде)» (Бишкек: «Илим», 1996, 6,25 б.т.); «Кыргыз тилиндеги экспрессивдик синтаксистик конструкциялар» (Бишкек: ЧП «Абыкеев», 2005, 14 б.т.) аттуу монографиялар, «Кыргыз тили» Бишкек, 1996 (авторлош, диссертанттын үлүшү 6 б.т.) абитуриенттер үчүн окуу программасы, 5 методикалык колдонмо, 12 б.т., 19 илимий макала жарык көргөн.

**Изилдөөчүнүн жекече салымы**. Диссертациялык иште чагылдырылган негизги жоболор, бөлүштүрүүлөр жана анализге алынган материалдардан чыгарылган жыйынтыктар, корутундулар изилдөөчүнүн жекече салымы болуп эсептелет.

**Иштин көлөмү жана структурасы**. Диссертациялык иш кириш бөлүмдөн, 4 главадан, корутунду, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана шарттуу кыскартуулардын чечмесинен турат.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну.**

1 глава «Экспрессивдик синтаксис жана анын изилдөө тармактары» деп аталат.

Бүгүнкү күндөгү кыргыз тилинин изилдениш абалына көз жүгүртсөк, «экспрессивдүүлүк» проблемасы жөнүндө тек гана фонетикалык (интонациялык) негиздеги айрым изилдөөлөрдө учкай сөз болуп, ал сүйлөөчүнүн эрктик жагдайларын, көбүнесе, анын эмоциялык абалын билдирүүдөгү интонациялык каражат экендиги гана белгиленип келди.

«Экспрессия», «экспрессивдүү», «экспрессивдүүлүк» терминдери лингвистикалык сөздүктө төмөнкүдөй түшүндүрүлөт: «экспрессия» англис тилиндеги «expession», «expessiveness» сөздөрүнөн термин катары кабыл алынып, сүйлөшүүнүн демейдеги түрлөрүнөн (башкача айтканда, стилистикалык жактан бейтарап) айырмаланып, аны ачык-айкын, көркөм, таасирдүү, маанилүү, даана сүрөттөп көрсөтө турган жана сүйлөшүүгө образдуулук жана экспрессивдик өзгөчө түр, өзгөчө көркөмдүк касиет берип турган сүйлөшүүнүн сапаттык жагы катары сыпатталат.

Синтаксистик экспрессиянын эң маанилүү каражаттары болуп интонация жана сүйлөшүүнүн бөлүктөрүнүн айтым ичинде жайгашышы эсептелет. Экспрессия, демейде, эмоционалдуулук, стилистикалык боек, көркөм каражаттар ж.б. тилдик кубулуштар менен өз ара тыгыз карым-катышта болот да, сүйлөшүү чөйрөсүн тейлеп турат.

Демек, адамдын ой жүгүртүүсү тилдин базасында иштелип чыгып, сүйлөшүү ишмердүүлүгүндө түптөлөт. Сүйлөшүү, сүйлөшүү ишмердүүлүгү, сүйлөшүүчүлүк түзүлүш – текст (анын оозеки жана жазма формалары) ар дайым экспрессиялык боёкчолор (көркөм каражаттар) менен жабдылып, адамдардын сүйлөшүүсүндө, жазма тилдин функционалдык стилдеринде үзгүлтүксүз пайдаланылат, бул ишмердүүлүктү тилдин экспрессивдик функциясынын натыйжасы катары кароого толук негиз бар. Тилдин экспрессивдик функциясы катары сүйлөп, же жазып жаткан адамдын эмоционалдык абалдарын (күчтүү сезимдерин: кайгыруу, кубануу, ачуулануу), анын атайын белгилей турган нерселерине жана турмуш



чындыгынын ар түрдүү кубулуштарына карата болгон субъективдүү мамилелерин билдирүү мүмкүнчүлүктөрүн да түшүнүүгө болот.

Экспрессивдик синтаксис жөнүндө сөз кылганда, көпчүлүк окумуштуулар аны «стилистикалык» деген сөз менен кошумчалашып, ал стилистикалык синтаксистин карамагына тиешелүү маселе экендигин ырастоого аракет жасашат.

Демек, экспрессия – бул бейтарап фондогу тигил, же бул сүйлөшүү үзүндүлөрүн атайын бөлүп көрсөтүүчү, баса белгилөөчү өзгөчө сүйлөшүү кубулушу болуп эсептелет.

Экспрессия – бул тилдеги маанилүү башталыш катары анын коммуникативдик табияты (сүйлөшүү) менен тикеден-тике байланыштуу кубулуш, демек, экспрессивдүүлүк терминдин так маанисинде – сүйлөшүүнүн өсүп-өнүгүү процессин шарттап турган активдүү күч.

Кеңири түшүнүктө алганда, экспрессивдүүлүк – эмоционалдык, баалоо, көркөмдүк, поэтика-эстетикалык, динамикалык, стилистикалык жактан түрдүү боекчолор менен жабдылган, тиешелүү мазмунга ээ интеллектуалдуу-сезимтал сүйлөшүү категориясы.

Синтаксистик планда экспрессивдүүлүк – сүйлөөчүнүн эмоционалдык сезимдерин жана эрктик абалын билдирүү, көркөмдүк, таасирдүүлүктү, сүрөткөйлүктү логикалык жактан күчөтүү каражаты катары кызмат өтөгөн синтаксистик түзүлүштүн эмоционалдык багыттоочулук касиети, айтымдын прагматикалык потенциалын элементтердин лексикалык мааниси тарабынан жетишилген мааниден жогорку деңгээлде турган синтаксистик формаларды күчөтүүнүн касиеттери.

Экспрессивдүүлүккө жогорудагы системалардын негизинде интенсивдүүлүк, күчөтүү түшүнүктөрү менен тыгыз байланышкан прагматикалык информациялардын бир түрү катары баа берсек да болот.

Демек, синтаксистик деңгээлдеги экспрессияны сүйлөшүү аспектисине, анын стилистикалык өзгөчөлүктөрүнө тикеден-тике тиешелүү сүйлөшүү кубулушу катары баалоого болот.

Биздин изилдөөбүз ушул багытты көздөп, биринчи кезекте, стилистикалык синтаксистин проблемаларынын жалпы абалын иштеп чыгуу максатын коёт.

Жалпы синтаксис тармагына тиешелүү экспрессивдүү кубулуштардын системалуулугу жөнүндөгү маселени тилдин стилистикалык каражаттарын системалык түрдө уюштурулушу менен тыгыз байланышта изилдөө зарылдыгын да тана албайбыз.

**«Тил жана сүйлөшүү проблемалары»** деген параграфта тилди илимий жана практикалык жактан изилдеп үйрөнүүдө тил жана сүйлөшүүнүн катыштыгы, тилдик жана сүйлөшүү бирдиктери жөнүндөгү маселе көтөрүлөт. Тил жана сүйлөшүүнү туура жана так ажыратуу – лингвистикалык изилдөөлөрдүн жекече методдорун изилдөө иштеринде колдонууну так аныктап, синтаксистик талдоонун жана көркөм чыгармалардын тилин изилдөө методикасын туура чечүүгө чоң өбөлгө түзөрү белгиленип, бул маселенин коюлушу жана чечилиши В. фон Гумбольдт, Бодуэн де Куртене, Г. фон дер Габеленц, Ф.Финк, Г.Пауль, Ф. де Соссюр, А.А.Потебня, Л.В.Щерба, В.Матезиус, Л.Елмьслев,

Ю.В.Ванников ж.б. окумуштуулардын теориялык жоболорун анализдөө менен тиешелүү жыйынтыктар чыгарылат.

**«Тилдик жана сүйлөшүү бирдиктерин ажырымдоо проблемасы»** деп аталган параграфта тил ойлоонун гана материалдык негизи эмес, абстракциялоонун, логикалык категориялардын да каражаты болуп эсептелери белгиленет. Бул жагдайда ойлоонун эң жөнөкөй каражаттары – түшүнүк менен ой жүгүртүү тилдик системанын бирдиктери – сөз жана сүйлөм менен формалдык белгилери боюнча шайкеш келип тургандыгы ачык байкалып турат. Алсак, реалдуу чындыкты чагылдырып тургандыгына ылайык түшүнүк жана ой жүгүртүү бири-бирине өтө тыгыз байланыштуу экендиги да белгилүү. Бул эки түшүнүктү бири-биринен ажыратып кароого болбойт, логикалык жактан бири экинчисиз ойго келбеген нерсе, диалектикалык жактан да алар бири-бирине өтмө катышта турат.

Тилдик бирдик катары эсептелген сүйлөмдүн эң негизги грамматикалык касиети болуп предикативдүүлүк, интонация, модалдуулук эсептелет.

Тилдин башка бир эң маанилүү милдети болуп, анын пикир алышуу куралынын милдетин аткарышы эсептелет. Бул милдет сүйлөшүүдө гана жүзөгө ашырылат.

Сүйлөшүү өз учурунда айрым интонациялык-маанилик бөлүк болгон фразаларга (айтылыштарга) ажырайт. Фразалар майда интонациялык-маанилик топторго (синтагмаларга) ажырашы мүмкүн, бирок синтагмалар сүйлөшүүдө өз алдынча колдонулбайт, ошондуктан алар сүйлөшүү бирдиги болуу касиетине чейин өсүп жеткен эмес. Демек, сүйлөшүүнүн эң кичине жана *негизги коммуникативдик бирдиги болуп фразаны (айтылышты)* бөлүп көрсөтсөк болот.

Сүйлөшүүнүн фразаларга бөлүнүшү интонациянын жардамы аркылуу ишке ашат.

Сүйлөшүүнүн максатына ылайык фразалардын төмөнкү коммуникативдик-функционалдык бөлүктөрүн көрсөтсөк болот: жай, суроолуу, буйрук, илептүү, аралаш типтер.

Фраза жана сүйлөмдү (булар менен бирдей деңгээлде эле синтагма жана сөз айкаштарын) сүйлөшүүнүн жана тилдин бири-бирине шайкеш келген бирдиктери катары ажырымдоого болот. Бирок алардын ортосундагы байланыш жана өз ара таасир этүүлөрү абдан татаал. Сүйлөм фразадан тышкары жашай албайт. Фраза болсо, ар дайым эле сүйлөмдү өз ичине камтый бербей, айрым учурларда өз алдынча колдонуп калгандыгын да байкоого болот. Мисал катары каратма сөздөр, сырдык сөздөр сүйлөм чегинен тышкары жайланышып колдонулуп, мелодика жана тыным аркылуу негизги сүйлөмдөн бөлүнүп калышы элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүнөн да, көркөм чыгармаларда да кеңири кездешет да, өз алдынча коммуникативдик бирдик катары колдонулушка ээ: **Бах, чиркин! Пай – пай!** Мындай жыргалды ким көрүптүр! (К. Ж.) **Кагылайындар!** Баламдын чымындай жанын аман коё көргүлө (Н. Б.) **Кыздар, кыздар!** Мага суу бергилечи (жомоктон).

Жогорку мисалдардан көрүнгөндөй, асты сызылган сөз топтору-өз алдынча фразалар, бирок сүйлөмдүк касиетке ээ эмес, сүйлөмдүн эквиваленти да эмес. Аларды «сүйлөм милдетиндеги модалдык сөздөр» деп



атоо да мүмкүн эмес. Мындай фразаларды өзүнөн кийинки сүйлөмдөр менен бирдикте карап гана, тилдик аспектиде сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр катары баа берүүгө болот.

Демек, сүйлөм жана фразаны бири-бирине толук дал келген бирдик катары кароо да мүмкүн эмес. Ушуга ылайык фразаны сүйлөшүү формасындагы сүйлөм катары да баа берүүгө болбойт, анткени сүйлөм татаал грамматикалык форма, фраза болсо, өзүнө тиешелүү гана мазмунга ээ. Фраза сүйлөмгө шайкеш түзүлгөн кезде да сүйлөмдүк жалпы мазмундан фразалык мазмун кеңирирээк болот, ал логикалык оттенкалары, мамиле-катыштары жана басымдын коюлушу аркылуу сүйлөмгө салыштырмалуу маанилик оттенокторго бай келет.

Тил жана сүйлөшүүнүн маңыз жана кубулуш катары салыштырып, тилдик материалдын эки категориясынын ортосундагы өз ара катышын, тең салмактуулугун белгилеп, тилдик системанын бирдиги жана сүйлөшүүнүн бирдигинин көп жактуу, конкреттүү, өзүнө гана тиешелүү мамилелерин ачып берүүгө аракет жасап көрөлү.

Мисалы: Чолок Шамшы боортоктоп алдыга жылып баратып токтоп калды. Дем албастан (Ө. Д.).

Жогорудагы мисалда сүйлөшүү чөйрөсүнө, баарыдан мурда, өз ичине турмуш чындыгынын бир үзүмүн чагылдырган сүйлөөчүнүн ниет-каалоосу жана тандоосу чагылдырылган фразанын жалпы мазмуну кирет. Жогорудагы мисалды кайрадан төмөнкүчө түзүүгө болор эле: Чолок Шамшы боортоктоп алдыга жылып баратып, дем албастан токтоп калды.

Фразанын мазмуну бул жагдайда алгачкы варианттан башкача композициялык түзүлүшкө ээ болгондугун ачык байкайбыз. Бул жерде сүйлөөчүнүн каалоосу боюнча турмуш чындыгы менен болгон объективдүү байланыш тикеден-тике берилген көрсөтмө аркылуу шартталып жана вариацияланып тургандыгын танбайбыз.

Фраза өтө татаал сүйлөшүүчүлүк түзүлүш болуп эсептелет. Фразада сүйлөшүү ишмердүүлүгү жүзөгө ашырылат (теманы тандоо, композиция жана мазмундук бөлүнүү, сөз айкаштарынын жана сүйлөмдүн схемаларын тандоо ж.б.), *ошону менен бирге фраза сүйлөшүүчүлүк* материалдын бирдиги да, сүйлөшүү ишмердүүлүгүнүн натыйжасы да (интонациялык – маанилик биримдик) болуп эсептелет. Фразада жекечелик (индивидуалдуулук) социалдык менен, субъективдүүлүк объективдүүлүк менен жуурулушуп турат. Фразада сүйлөшүүнүн эмоционалдык, стилистикалык жана экспрессивдик (информативдик) функциялары чагылдырылып турат. Тилдик формалар аркылуу билдирилип турган сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшү, грамматикалык категориялар, логикалык категориялар – булардын бардыгы сүйлөшүү аркылуу жөнгө салынып турат.

**«Тил жана сүйлөшүүнүн биримдиги маселесине карата»** деп аталган параграфта тил жана сүйлөшүүнүн диалектикалык биримдиги жөнүндө сөз болот. Сүйлөшүү конкреттүүлүгүнүн жана жалпыланган тилдик нормалардын системасынын бири-бирине бетме-бет келген жагдайы сүйлөм жана фразанын ортосундагы бир катар карама-каршылыктардан ачык сезилип турат. Фразаны анализдөөдөн келип чыккан тил жана сүйлөшүүнүн ортосундагы бул карама-каршылыктарды акыйкат чечүү – бизге сүйлөм табиятына терендеп кирүү менен тилдин маңызын туура

аныктоого гана өбөлгө түзбөстөн, тилдик материалдын сүйлөшүүдө чагылдырылышынын мыйзамдуулук маселелерин да туура түшүнүүгө, тигил, же бул фразанын уюшулуш мыйзамченемдүүлүгүнүн себептерин ачууга да шарт түзүп турат. Субъективдүүлүк, сүйлөшүү жана объективдүү тилдик системанын ортосундагы карама-каршылык төмөндөгүлөрдөн ачык байкалып турат: реалдуу жана формалдуу – грамматикалык субъекти жана предикаттардын (ойдун предмети *грамматикалык ээ тарабынан* билдирилбеген учурлар, ошондой эле бул предметте эмне жөнүндө айтылып жаткандыгы грамматикалык баяндооч аркылуу билдирилбеген учурлар – Т.Т.) шайкеш келбегендиги; сүйлөшүүнүн коммуникативдик милдети жана сүйлөмдүн функционалдык типтеринин шайкеш келбегендиги; сүйлөмдүн чеги фразанын чеги менен шайкеш келбегендиги сыяктуу жагдайлар кездешет. Сүйлөм схеманын фразалык мазмунга шайкеш келбей калган жагдайларды төмөнкү себептерге байланыштуу карасак болот: айтымдагы эмоционалдык жана логикалык маани бөлүкчөлөрүн билдирүүдө атайын сүйлөшүү каражаттардын болушу (тембр, мелодика, басым, тыным, ритм); мазмунду толук чагылдырууда контексттин таасири жана пикирлешип жаткандардын өз ара түшүнүшү; билдирүүнүн тилдик эмес ыкмаларын колдонуу жана эмоционалдык-логикалык жактан өзгөчө белгилөө (ситуация, жаңсоо, мимика).

Тил жана сүйлөшүүнүн карама-каршылыгы өзгөчө сүйлөм жана фразанын чек араларынын шайкеш келбей калгандыгынан айрыкча сезилип турат. Мисалы: **Мен кечээ келдим эле. Ноокаттан. Иш тууралуу.** Бул жагдайда сүйлөшүү бирдиги фраза менен тил бирдиги сүйлөм бири-бирине шайкеш келбейт, 1-фраза сүйлөм катары, кийинки эки фраза сөз айкашын *да билдире албайт. Бирок интонациялык жактан өз алдынча калыптанган.* Бул сыяктуу шайкеш келишпегендик аларды жалпылоочу бирдикти талап кылат.

**«Айтым»** деп аталган параграфта сүйлөшүү – бул тилдин реалдуу чагылдырылышы, анын практикалык жактан жүзөгө ашырылышы, пикир алышуудагы негизги категория катары калыптанышы, демек, тилдин коммуникативдик функциясы сүйлөшүү аркылуу аныкталып тургандыгы белгиленет.

Тил жана сүйлөшүүнүн өз ара байланыш ченемдери, карым-катыш мамилелеринин көп кырдуу экендиги жалпылоочу бирдикти талап кылат.

Бул бирдик жалпы тил илиминде «айтым» (высказывание) теориясында чечмеленет.

Көпчүлүк изилдөөлөрдө айтым – толугу менен сүйлөшүү системасын тейлеген универсалдык бирдик катары сыпатталат.

Ар дайым эле сүйлөм жана фразанын чек аралары бири-бирине дал келе бербегендиги, сүйлөшүү жагдайларын ачык, так, туура, толук берүүдө фраза негизги ролдо келиши, ал эми тилдин жана сүйлөшүүнүн бирдиктерин шарттуу түрдө жалпылоочу, бирок нагыз сүйлөшүү ишмердүүлүгүн толук тейлеген сүйлөшүү (коммуникативдик) бирдигинин *зарылчылыгынын негизинде биз тил жана сүйлөшүүнүн синтаксистик-*семантикалык жана коммуникативдик-функционалдык мамилелерди эки өңүттөн – синтаксистик түзүлүш жана айтымдын деңгээлинен туруп кароону сунуштап, айтымга сүйлөмдөн алда канча кеңенирээк түшүнүктөгү бирдикти, сүйлөшүү ишмердүүлүгүн толук тейлеген бирдикти, тагыраак



айтканда, айтым катары формалдуу түзүлүштүн жана сүйлөшүү конкреттүүлүгүнүн биримдигин, *инварианттуулуктун жана* варианттуулуктун биримдигин, мыйзамченемдүүлүктү жана кокустуктарды ичине камтыган реалдуу сүйлөшүү бирдигин түшүнөбүз. Айтымды ушундайча түшүнүү аны сүйлөм менен шайкеш кароого, алардын окшоштук-айырмачылык жактарын издөөгө, тил менен сүйлөшүүнү чаташтырбоого негиз түзөт.

**«Жазуудагы фразалык бөлүштүрүү: тыныш белгилердин табияты»** деп аталган параграфта тыныш белгилерин коюу принциптериндеги айрым *жагдайлар жөнүндө сөз болот.*

Анализге алынган көркөм адабияттын, публицистикалык, илимий-популярдык жанрлардын тексттери жазуучу, журналист, окумуштуулар жазууда тыныш белгилери айтымдын бөлүктөрүнүн ортосундагы нагыз синтаксистик мамиле-катыштарды айкындоо үчүн гана колдонулбагандыгын, көпчүлүк учурда пунктуацияны (аң-сезимдүү, же сезимталдуу) маанилик жана экспрессивдик мамилелерди билдирүүчү эффективдүү каражат катары колдонулушу байкалды.

Пунктуациянын экспрессивдик функцияда жүзөгө ашырылыш маселеси анын функцияланыш проблемаларын, биринчи кезекте, пунктуациянын грамматикалык жана экспрессивдик милдетин аныктоо менен тыгыз *байланышкан. Арийне, пунктуациянын* бул эки функционалдык өзгөчөлүктөрүнүн ортосунда чек коюу анчалык ышанымдуу болбой калат, анткени бул жагдайда синтаксистин изилдөө предметине биз айтымдын интонациялык түзүлүшүн жуурулуштуруп жиберген болор элек.

Жазуучу, журналист, окумуштуулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүндө экспрессивдүүлүк кадимки эле «чекит» белгиси аркылуу ар түрдүү формаларда жана конструкцияларда берилишин төмөнкү фактылар далилдеп турат: **Эрдик көрсөткөн дагы бир топ аскерлер менен мени дагы самолётко салып, Маскөөгө учурду. Орден алып келесиңер деп** (Ж.М.). **Рейхстагды өрттөө. Димитровдун үстүнөн болгон сот. Тельманды камоо. Испан согушу, аншлюс, Польшаны басып алуу, Францияны оккупациялоо – булар *жөнүндө ар бир пионер* билүүчү** (Б.П.). **Кол салбоо жөнүндөгү Германия менен келишим. Эмне кыларды өкмөт билет** (Б.П.).

**- Кана, жигиттер, жүгүрөлү. Жандуурак. Ылдамыраак** (К.Ж.).

Бул конструкцияларды туура эмес түзүлгөн, же тыныш белгилери туура эмес коюлган деген доомат коюу да илимий практикалык жактан өзүн актабайт.

Жогорудагы биз берген айтымдардын 1–4-мисалдары азыр адабий тилде калыптануу процессиндеги парцелляциялык конструкциялар, 2–3-мисалдар сегменттелген конструкциялар болуп эсептелет.

**II глава «Парцелляция жана анын синтаксистик маңызы»** деп аталат. **«Парцелляция – экспрессивдик-синтаксистик кубулуш»** деп аталган параграфта кыргыз жазма адабий тилинин калыптанышы жана өнүгүшүндөгү жаңы типтеги синтаксистик конструкциялар изилдөөгө алынат.

Парцелляция – бул бирдиктүү синтаксистик түзүлүштүн, б.а., сүйлөмдүн сүйлөшүүдөгү бөлүнүшүнүн өзгөчө ыкмасы, сүйлөшүүдө

сүйлөмдүн бир эмес, бир нече интонациялык-маанилик бирдиктерге, б.а., фразаларга ажыроосу катары түшүндүрүлөт.

Мисалы: Ачкычымдын сырын билбейсиң. Өзүм ачам. **Үн чыгарбай** («КМ»).

Жогорудагы мисалда салттуу, тилдик аспектиде жөнөкөй сүйлөм структурасынан сын-сыпат бышыктоочтун жалпы сүйлөм чегинен сырткары жайланышып калышы чагылдырылган. Ал парцелляциялык конструкция аркылуу жүзөгө ашырылган.

**«Парцелляциянын структуралык бирдиктери»** деп аталган параграфта парцелляциялык конструкциялар эки негизги бөлүктөн тургандыгы, биринчи бөлүгү **«негизги фраза»**, экинчи бөлүгү **«парцеллят»** деп аталат.

Демек, парцелляциялык конструкция – сүйлөшүү абалында экспрессивдүү бөлүнүүгө дуушар болгон, негизги фразадан жана ага өнчүл орун тартипте жайгашып, интонациялык жактан өз алдынчалыкка ээ болгон парцелляттык типтерден турган, жазууда пунктуациялык жактан чекит жана анын эквиваленттери аркылуу, ал эми сүйлөшүүдө ажыраткыч тыным (пауза) менен айтылган синтаксистик түзүлүш.

Парцеллят – парцелляциялык конструкциядагы өзгөчө синтаксистик түзүлүштүн бир компоненти катары келген, өз алдынчалыкка ээ болбогон синтаксистик бирдик. Ал жалпы конструкциянын курамында гана өзүнүн маанисин ачып, пикир алышууда катышат.

**«Парцелляттын милдетиндеги логикалык субъекти»** деген параграфта айтым чегинде логикалык субъекти жана предикат сүйлөшүүдө анын иштиктүү борборун түзөрү, атрибут, объект жана адвербиалды өзүнө багындыруу принцибинде жайгашары белгиленет.

*Айтымда логикалык субъектинин сүйлөшүү кырдаалында өз алдынча* синтагма (фраза) катары калыптанып турушу да өзгөчө контексттик абалга, жагдайга байланыштуу жана ал сүйлөшүү аспектисинде гана (экспрессивдик синтаксисте) жүзөгө ашырылуучу стилдик ыкма болуп саналат. Мисалы: Баланы капыл-тупул коюп кетти. **«Москвич» машинеси.** («КМ»). Сен бүгүн чакырбасаң да, жакында жайлоого бармакпыз. **Калыбек экөөбүз** (Ж.М.).

Айтымдагы логикалык субъекти парцелляттын милдетин аткарып, башкача айтканда, жалпы контексттен алардын автономдуу позицияда жайгашып калуусунун үч өзгөчөлүгүн белгилөөгө болот:

1. Айрым контексттик абалда, же сүйлөшүү актысында «өзгөчө позицияда» орун алган логикалык субъекти, же тема айтымга карата бир өнчөй формада жайгашат: Мага акыл айтуучулар көп эле. **Кеңеш берүүчүлөр** (Ө.Д.).

Парцелляттын багынынкы абалын дааналап көрсөтүү максатында автономдуу позициядагы субъектиге **да** бөлүкчөсү жанаша келүү менен бекемдөө, тактоо функциясында колдонулат: Бала-кыялдуу. Уичукпайт. **Апасы да** (Ө.Д.). Эркисизден баары күлүп ийишет. **Сүйөркулов да** (Ө.Д.). Жалгыз электрослесардан башкасынын баары соңунан түштү. **Калиман да** (Ө.Д.).

2. Парцелляттык милдеттеги актуалдашкан субъекти өзүнөн мурун жайгашкан негизги фразага карата аны түшүндүрүү, толуктоо катары келет: Бардыгы ыраазы болушкансыйт. **Асман да, күн да, тоолор да, адамдар да, ал гана эмес кыбыраган кумурскалар да** (М.Э.). Бизди эки жак тең пайдаланышат. **Жигиттер да, келиндер да** (Ж.М.).

3. Парцелляттык субъектилер түшүндүрүү маанисинде колдонулуп, бирок ал өзү жалгыз эмес, атрибут, адвербиал, объектилер менен бирдикте айтым структурасынан тышкары бөлүнүп чыгат: Жайлоого келгендер экиге бөлүнүштү. **Кудуң баштаган санакчылар малга. Мидин менен Оске мергенчиликке** (К.О.). Аныкында бул он-он беш жылдын ичинде далай адамдар болушкан. **Республикадан, областан, райондон келгендер** (Ж.М.).

Жалпылап айтканда, айтымдын башка элементтерине караганда анын субъектисинин айтым чегинен тышкары жайланып калышы, парцелляция кубулушуна дуушар болушу сейрек көрүнүштөрдөн экендигин баса белгилеп кетишибиз зарыл.

**«Предикат – парцелляттык милдетте»** деп аталган параграфта предикативдүүлүк ядросун түзүп, айтымдын негизги борборунун маанилик жүгүн көтөрүп турган элемент жөнүндө сөз болот. Логикалык предикаттын айтым чөйрөсүндө колдонулбай калуусу, же негизги фразадан тышкары жайланып калуусу жалпы эле айтым системасынын мазмунуна терең өзгөртүү киргизет.

Ошондуктан предикаттын парцелляцияланыш өзгөчөлүгү качан гана анын түшүндүрмө функция, же бир өнчөй форма катары өзгөчө позицияда жайгашып калган учурларында болуп өтөт.

1. Айрым айтымдардын түзүлүшүндө автономдуу фраза катары кызматчы сөздөр тизмектеле айтылган предикаттар кездешет. Алардын өзүнөн мурдагы фразанын предикатына көз карандылыгы, же тиешелүүлүгү ачык эле байкалып турат, парцелляттык типтерди аныктоо да оңой. Мисалы: Мен аны бербейм. **Карматпайм да** (Ө.Д.). Кемел Адиевич – табиятында жумшак. **Көңүлчөөк да** (Ө.Д.).

2. Айрым конструкцияларда негизги фразанын сыртында жайланышкан парцеллят – предикат негизги фразадагы предикатка карата аны кошумчалап түшүндүрүү, конкреттештирүү үчүн атайын стилдик максатта колдонулат. Мисалы: Мен ким болбоюн, мен сенин жарынмын. **Зинаңмын** (Ө.Д.). Ал биздин эле айылдан. **Топчубаштан** («КМ»).

**«Атрибут – парцелляттык милдетте»** деп аталган параграфта төмөнкү өзгөчөлүктөр көрсөтүлөт:

1. Логикалык атрибуттар аныкталгычтарсыз айтым чегинен тышкары *жайланышып* калат да, анын колдонулушунун негизги максаты - негизги фразада колдонулган тилдик материалды, б.а., заттын сын-сыпатын, сан-өлчөмүн кошумча түшүндүрүү жана өзгөчө белгилей кетүү. Мисалы: Максат шашып калды. Кооз спектрлер аркылуу улуу **күндү** көрдү. **Кыпкызыл. Тептегерек** («ЛЖ»). Анын **чакасы** карышып колунда жүрөт. **Бош** (Ө.Д.). Мына бул **пирожноеден** жеңиз. **Таттуу** (М.Б.). Ал жакшы **кыз. Эстүү. Илбериңки** (Ө.Д.). Оо, илгери жазган **ырларым** бар. **«Жаз»... «Кыш» деген** (К.Ж.).

2. Айрым учурларда салыштыруу маанисиндеги «сыяктуу» деген сөз аркылуу тизмектеле келген атрибут элементтер жөнөкөй жана жайылма формада келип, парцелляттык милдет аткарат. Мындай жагдайда логикалык атрибут айтымдагы аныктала турган сөздүн сапаттык белгилерин актуалдаштырып турат. Мисалы: **Ал** өтө эле ыйык. **Пайгамбар**

**сыяктуу** («А.Т»). Сиз бизди мажбурлап, алла-таала экинчи иретте деп эсептеп – аны өзгөртүүгө болбойт деп датганасызбы? **Акыл-сезим,** чындыгында, экинчи. **Ачыткыдан өнүп чыккан козу карын сыяктуу** (Ю.С.). Аяз жамынышкан дарактардын бутактары салбырайт. **Куду жомок сыяктуу** («КМ»).

3. Айрым байламталар (жана, да) негизги атрибут элементтерге кошумча билдирүүнү камтып, бириктирүү маанисин чындап турат: Мисалы: **Ал-ыйык** нерсе. **Назик да** (Ө.Д.). Үй-жай күтүп **жүргөн киши. Жана да жармач** (Ө.Д.).

4. Аныкталгыч милдетте келген айтымдын башка элементтеринин маанисин айкын ачып берүү максатында аны конкреттештирип, түшүндүрүп, контекстте ал логикалык атрибуттар менен катар мурунку фразада сөз болгон субъекти парцелляттык бөлүктө кайра кайталанып берилиши аркылуу ишке ашырылгандыгын көрөбүз. Мисалы: Бүгүн Бектемирдин ал-абалынан кабар алганы келгендердин бири – **Ашырбек** болду. **Баягы Ашырбек. Бектемирди бозого аралаштырган Ашырбек** (Ж.М.).

**«Объекти – парцелляттык милдетте»** деп аталган параграфта төмөнкү өзгөчөлүктөр айкындалат.

1. Айтымдын курамындагы тике объектинин өзү, же аны менен кошо атрибут өзгөчө позицияга бөлүнүп чыгат. Мисалы: Биз сүйбөйбүз. **Бири-бирибизди** (Г.Г.). Эмне үчүн айтканымды өзүм да сезбей калдым. **Бул сөздү** (И.И.). Карагыла! **Жансарлап чаап бараткапды** (К.О.). Жара сүздү. **Көк буканын кардын** (К.О.).

2. Парцелляциялык конструкциялардын негизги фразадасындагы тике объектини кошумча түшүндүрүү, конкреттештирүү максатында айрым жазуучулар ошол эле объектини конкреттештирип кайталап берип, окурмандын көңүлүн кошумча түшүндүрүүгө буруу үчүн атайын бөлүп көрсөтөт. Мисалы: Чындыгында, мен **сүт** ичкенди жакшы көрчүмүн. **Кайнатылган ысык сүттү** (К.А.). Куда кааласа, эки-үч жылдан кийин окуйсуң. Ага чейин **тил** үйрөнүшүң керек. **Өз тилиңди. Кыргыз тилин** (К.А.).

3. Жазуучулар жогорудагы эле түзүлүштөгү конструкцияларга кошумча катары негизги фразадагы тике объектини баса белгилөө, жалпы деңгээлде экспрессивдүүлүктү, информативдүүлүктү күчөтүү үчүн «болгондо да», «жок эле дегенде» сыяктуу атайын кошумча каражаттарды да колдонушат: Мен базардын артында турган бир карыяны билем, ал өзү айлана турган бир **дөңгөлөктү** жасоого аракеттенүүдө. **Болгондо да, түбөлүк тынбай айлана турган дөңгөлөктү** (Г.Г.). Албетте, ал ырсыз жашай алган эмес. Бирок ушуну менен эч убакта **атак-даңк** табайын деп да ойлогон эмес. **Жок эле дегенде, акындык атакты** (Г.Г.).

4. Айрым жазуучулардын стилинде айтымдын жалпы түзүлүшүнө маанилик жактан айкындык берип, атайын экспрессивдүү максатта кыйыр объектилерди негизги фразанын чегинен тышкары жайланыштырылат.

Мисалы: Бадырайган чоң тамгалар менен жазылган макала чыкты. **Сүрөтү менен** (Ө.Д.). Тажадым, тажадым. **Сенден да, өзүмдөн да, күтүүдөн да** («КМ»). Тысс. Акырын бас. **Бутуңдун учу менен** («КМ»).



5. Негизги фразада колдонулган кыйыр объекти жалпы айтым чегинде жалпылагыч сөздүн функциясында колдонулат. Мисалы: Кийин Алтынбешик балакатка жеткенде, эл ага төрт уруктан төрт кыз алып берет. **Кыргыздан, кыпчактан, кырктан, миңден** (Т.К.).

**«Бышыктагыч фразалар – парцелляттык милдетте»** деп аталган параграфта төмөнкү өзгөчөлүктөр айкындалат:

1. Парцелляттык милдетте мезгил тактоочтор, мезгилдик маанидеги зат атоочтор менен айкаша келип, негизги фразадагы убакыт ченемин актуалдаштырып турат. Мисалы: Ал мага келип кетип турат. **Кээде-кээде. Аялы дежур болгон күнү** («КМ»). Үч ай вышкада иштеди. **Кыштын күнү** (Ө.Д.).

2. Жатыш жөндөмөсүндөгү – **ган** мүчөлүү атоочтук формасындагы айкаштар менен келген парцелляттык типтер да жогорудагыдай эле өзгөчөлүктө колдонулат: Чачым агарып кетти. **Биринчи жолу «Күн автопортретин» жазганда** (К.Ж.). Бир кыйла чырайлуу эле ээ? **Боёнуп алганда** (Ө.Д.).

3. Баса көрсөтүү максатында мезгилдик маанидеги фразаларга да «айрыкча», «болгондо да» сыяктуу күчөткүч маанидеги сөздөр айкаша келип парцелляттык милдетте колдонулат: А жайында иштин көптүгүнөн чолоо болбосу анык. **Айрыкча, чөп чабык маалында** (Ч.Н.). Ал Межнундун сөзүн ырастады. Ырастаганда да кандай дейсиң. **Болгондо да, мырзанын көзүнчө** (Г.Г.).

4. Негизги фразанын жалпы мазмунунан келип чыккан орундук катыш кийинки фразада атайын бөлүнүп, өзгөчөлөнүп жайланышат да, окурмандын, же угуучунун көңүлүн боло турган окуянын, же болуп өткөн процесстин, же конкреттүү субъекти, же объектинин жайгашкан ордуна буруу максатын көздөйт. Мисалы: Сабыркул – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты. **Коңшу райондон** (Ж.М.). Мен ага кыйкырып бир ооз эле сөз айтып коёюн. **Алыстан эле** (Г.Г.). Тобокел, барып көрөлү. Жакса үч-төрт күн турабыз. **Малчылардыкында** (Ж.М.).

5. **- дай, - чан** мүчөлүү адъективацияланган сөздөр, же сөз тизмектери сыпаттык салыштырууда өтө активдүү колдонулушу, анын көпчүлүк учурларда актуалдашып, өзгөчө позицияга бөлүнүп чыгышына өбөлгө түзөт: Демейде кара курттай кайнап, ары-бери агылып жатчу жүргүнчүнүн эч бир белгиси жок. **Тымтырс. Түрү суук табышмактай** (М.А.).

Ушундай мактаптыр дейсиң. **Он алтыдагы кыздай** («КМ»).

6. Сыпаттык катыштагы парцелляттык милдетте чакчыл түрмөк формалар кеңири учурайт. Мисалы: Деле булардын отурганы, чылымы бүтпөйт. **Кыйратып салгансып** (Ө.Д.). Тигинин түкүргөнүн көр! **Бензин ичип алгансып** («КМ»). Анан мен дагы бирөөнү таап алам. **Тиги Хаким сыяктанып** (Г.Г.).

**«Парцелляциялык конструкциялар коммуникативдик аспектиде»** деп аталган параграф актуалдуу жиктештирүү проблемасына арналат.

Парцелляттын рема катары сыпатталышына негизги бөлүккө карата анын атайын басым түшүрүлүп оңчул орун тартипте жайгашышы жана өзгөчө интонациялык жагдайда бөлүнүп турушу чоң таасир тийгизет.

Ошондуктан парцелляциялык конструкциянын эки бөлүгүндө тең ремалык катыш сакталып турат. Мисалы: Унута элегимде берип коёюн. **Жаркын экөөнө** (М.Б.).

«Унута элегимде», «берип коёюн» айтымда тема катары рема катары ал эми жалпы контексттик мааниде алганда, биринчи фразага жалпы түрдө «Жаркын экөөнө» деген парцелляттык бөлүк ремалык функцияда, экинчи рема катары колдонулду.

**III глава «Сегментация жана атама фразалар»** деп аталат. **«Сегменттелген конструкциялардын экспрессивдик мүмкүнчүлүктөрү»** деп аталган параграфта төмөнкү маселелер камтылган.

Кыргыз тилинде эки жолу белгиленген, же сегменттелип келген конструкциялар активдүү колдонулат.

Тил илиминде мындай типтеги конструкцияларга «атоочтук элестетүү» көз карашынан туруп баа берүү жагы сунушталган.

Сегментация кубулушу катары, жалпысынан, айтымдын чегинен анын бир бөлүгү – өзгөчө сегменттин синтаксистик жана интонациялык жактан бөлүнүп чыгышын түшүнүүгө болот.

Мындай конструкциялардын негизги өзгөчөлүгү – бир айтымдын чегинде бир эле түшүнүктүн эки жолу белгилениши, башкача айтканда, бир жолу атооч жөндөмөсүндөгү зат *атоочтун жардамы аркылуу, ошол эле* жерде ал түшүнүктүн ат атоочтук корреляты аркылуу экинчи жолу белгилениши. Мисалы: **Сабак** – ал кандай болуш керек («МГ»). **Билим.** Студент үчүн *ал кандай кыйынчылыкка* турары өзүнөн-өзү түшүнүктүү («ЛЖ»). **Олимпиадалык оюн**. Бүгүн ага бардык өлкөлөрдүн өкүлдөрү катышып жатат («БШ»).

Сегменттелген конструкциянын негизги өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр:

1. Сегменттелген конструкциялар конструкциянын көлөмүнө, таралыш деңгээлине карабастан эки бөлүктөн турат: а) сегмент; б) конструкциянын негизги, базалык бөлүгү;

2. Сегмент жана конструкциянын базалык бөлүгү бири-биринен атайын тыным аркылуу бөлүнүп турат.

3. Бул эки бөлүк коммуникативдик аспектиде тема жана жыйынтык (рема) мамилесинде болот.

4. Теманы билдирген бөлүк синтаксистик *жактан* көз *карандысыз* позицияда турат: бул атооч жөндөмөсүндөгү зат атооч, же атооч жөндөмөсүндөгү зат атооч башкарган сөз айкашы. Ал эми конструкциянын базалык бөлүгүндөгү атама *теманын* кайталанган бөлүгү атооч жөндөмөсүндөгү зат атооч, же ат атооч, айрым учурларда бул сөздөр кыйыр жөндөмөлөрдө туруп деле келе берет.

5. Теманы *билдирген* бөлүк базалык бөлүктө ар дайым өзүнүн ат атоочтук корреляты болушу менен мүнөздөлөт.

Мисалы: **Ак мөңгүлүү Алатоонун адырларындагы гүлдөрдүн аңкыган жыты** – биз **аны** алыстан сезебиз («КР»). **Тоолор**. Кыргыздар үчүн **ал** байыркы замандардан байырлаган Мекенинин эң кымбат нерселеринин бири болгондугу нукура чындык («АТ»).

Жогорку берилген айтымдарга анализ жүргүзсөк, төмөнкү жыйынтыктарды алууга болот.



Демек, биринчи айтымда **«Ак мөңгүлүү Алатоонун адырларында гүлдөрдүн аңкыган жыты», «тоолор»** деген атама темалар берилген. Алардын сүйлөшүү өзгөчөлүгү кайсы касиеттери менен мүнөздөлүп турат?

**«Ак мөңгүлүү...», «тоолор»** деген фразалардын биринчиси салттуу синтаксис аспектисинде татаал сөз айкашынын формасында, экинчиси атама сүйлөм деп аталган бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөм тибинде түзүлгөн. Интонациялык жактан мисалга берилген фразалардын биринчисинде атама тема жалпы айтым чегинде, экинчисинде атама тема кийинки фразадан интонациялык жактан өзгөчө *бөлүнүп*, автономдуу фраза катары колдонулган.

Биринчи мисалдагы атама темалык фразадан кийин жайгашкан экинчи фразада 3-жакка тиешелүү айтылып, таб*ыш* жөндөмөсүнүн формасында калыптанкан «аны» деген сөз биринчи фразада берилген «Ак мөңгүлүү...» татаал сөз айкашынын формасында калыптанышкан фраза менен тикеден-тике байланышып, тактап айтканда, ал фраза *билдирген* жалпы түшүнүктү экинчи жолу кайталап тургандыгын байкоо анчалык кыйынчылык туудурбайт.

Экинчи мисалдагы экинчи фразада үчүнчү жакка тиешелүү, атооч жөндөмөсүндөгү «ал» сөзү да жогорку мисалга окшош өзгөчөлүктү билдирип турат.

Сегменттелген конструкциялар – нагыз сүйлөшүү кубулуштарына гана тиешелүү өзгөчө ыкма. Мындай конструкциялардын маңызы салттуу (*тилдик*) синтаксистеги мүчөлөштүрүү (баш жана айкындооч мүчөлөргө ажыратуу) принцибинде эмес, актуалдуу жиктөө теориясынын позициясында анализ жасоо менен туура жана так аныкталат. Бул теорияга ылайык айтымдын түзүлүшү эки негизги, маанилик элементке бөлүнүп, анын биринчисинде белгилүү нерсе жөнүндө ой айтылып (айтымдын негизги, баштапкы пункту, белгилүү нерсе, темасы), экинчисинде, бул ой жыйынтыкталат (айтымдын ядросу, жаңы нерсе, ремасы).

Сегменттелген конструкциялардын темасы кийинки фразадагы негизги темадан мурун келип, аны айрыкча белгилеп, өзүнчө бөлүп көрсөтүп, жалпы айтымга өзгөчө чыңалууну, анын жыйынтыгын чыдамсыздык менен күтүүнү пайда кылып, стилистикалык таасирдүү натыйжаларды алып келет. Эгер атама теманы айтымдын кийинки фразасы менен бирге карай турган болсок, анда жалпы айтымдагы теманын эки жолу белгиленгендигине күбө болобуз, тема экинчи жолу көпчүлүк учурларда атама теманын ат атоочтук маанилеш түгөйү аркылуу берилет.

Атама тема өзүнөн мурунку фраза менен маанилик катыш түзүшү сүйлөшүүнүн экспрессивдүүлүгүн арттырат. Бул өзгөчөлүк атама теманын *касиеттерин толук сактаган репликалык* кайталоо үлгүсүндөгү фразалардан ачык байкалып турат. Мисалы: Ооба, бирок бул жерде Анна да, сен да **жарыкчылыкка** болгон керектөөнү сезгенге чейин...

**- Жарыкчылык!**, - мейменсине кайталады ал, - **жарыкчылыкка** менин кандай керектөөм болушу мүмкүн (Л.Т.). Мен анын сизге карата болгон мамилесин алдын ала сезип жүрөм, бирок анын сиздин **тагдырыңыздагы** маанисин түшүнө бербедим.

- Менин **тагдырымдагы**..., - Айым нааразыланган түрдө кардыга түштү, - Ал мага эмес, мен ал үчүн башкаларга караганда көп жоопкермин (О.Т.).

Сегменттелген конструкциялар – өзгөчө стилистикалык касиеттерге ээ сүйлөшүү ыкмасы. Алар адабий-көркөм стилде, өзгөчө гезиттик-публицистикалык стилдин түрдүү жанрларында өтө кеңири колдонулушка ээ.

1. Атама темалар өзгөчө газет-журналдардагы баш макалаларда кеңири колдонулат: **Экология жана өзгөчө кырдаалдар боюнча кызмат. Анда** Кыргызстандык каарман жоокерлер Түштүктөгү көптөгөн адамга коркунуч туудурган жерлерде алдын алуу жумуштарын бүткөрүүгө жетишүүдө («ЭТ»). **Күнөстүү Мекенибиз**! **Анын** тагдыры үчүн бардык атуулдар жоопкер болушу керек («КТ»).

2. Информациялык формада жазылган чакан макалаларда, редакцияга келип түшкөн каттарга обзор берүүчү мүнөздөгү макалаларда, адабий-сын макалаларда жана фельетон, очерктерде атама темалык конструкциялар *башка жанрларга салыштырмалуу кыйла* активдүү колдонулгандыгын ачык белгилөөгө болот: **Эмгек. Бакыт. Турмушка болгон зор кызыгуу. Бул сөздөр** азыркы жаштарыбызды көп деле кызыктыра бербегендиги өтө өкүнүчтүү («ЭТ»).

Сегменттелген конструкцияларга орточо тыным жана өзгөчө интонация мүнөздүү. Сегментация – жогорку даражадагы экспрессивдүү ыкма. Сегменттелген конструкциялар оозеки сүйлөшүүдөгү айтымдарга жакын уюшулат. Конструкциядагы тема суроо сыяктуу тарҗымалданып, анын жообу иретинде аны (конструкциянын) жыйынтыктоочу бөлүгү *эсептелет*.

Сегменттелген конструкциялардын жасалышы боюнча анын үч түрү бөлүнүп турат:

1. Атооч жөндөмөсүндөгү зат атооч жалгыз келип, атама теманын милдетин аткарат: **Ай**... Жер планетасы **анын** чоң жана кичине сырларын толук чечмейин эч качан тынч жатпайт (Балдар энц.). **Суу**... Шаардыктар үйүндөгү кранды ачат да, чыккан тунук, тазаланган **сууну** каалашынча пайдалана берет, а бизчи? («КТ»).

2. Атооч жөндөмөсүндөгү зат атооч башкарган сөз айкашы тибиндеги атама тема (предикативдик эмес тизмек): **Микробдорду жоготуучу аспап, аны** ойлоп табуу үчүн окумуштуулар байыртадан эле убайымга батып келишпедиби («ДС»). **Бир мыскал алтын, ал** үчүн канча адамдын өмүрү кыл учунда турбады (А.С.). **Ажайып Үкөк көлү. Аны** дүйнөнүн эмес, Кыргызстандын географиялык картасынан да таппайсын («ЭТ»).

3. Тең байланыштын негизинде уюшулган синтаксистик катарлар (бир өнчөй мүчөлөр): **Адабий тил, диалекти, говорлор** – академик Б.М.Юнусалиев **бул проблемаларды** *өтө кеңири материалдарды пайдалануу* менен чечүүгө аракеттенет (Ш.Ж.). **Дыйкандар жана фермерлер. Алардын** бүгүнкү күндөгү тагдыры мамлекеттик чиновниктерди кызыктырабы, же жокпу... («Асаба»).

Сегментация – жазма адабий тилдин түрдүү функционалдык стилдеринде колдонулган экспрессивдик конструкциялар болуп саналат.



Атама тема – риторикалык, кыска, жогорулаган үн менен айтылган, жогорку көркөмдүктө уюшулган, күчтүү экспрессивдүүлүк боекчого ээ болгон *жазма сүйлөшүүнүн* стилдик ыкмасы.

Сегменттелген конструкция – бул ажырагыс интонациялык биримдик, айтым. Ал маанилик жагынан *эки фразага бөлүнөт*, ошондуктан аны эки жолу белгиленүүчү конструкция деп атайбыз.

**«Атама фразалардын сүйлөшүү өзгөчөлүктөрү»** деп аталган параграфта төмөнкү маселелер камтылат:

Салттуу синтаксисте эки тутумдуу сүйлөмдөрдөн айырмаланып, атама фразаларда (сүйлөмдөрдө) предикативдүүлүк катыш имплицитлүү, жайылма эмес мүнөздө болот.

Атама *фразалар айтымдардын* башка функционалдык жана семантикалык түрлөрүнө тиешелүү өз алдынчалыкка жана ойду толук бүтүрө айтуу касиетине ээ. Сүйлөшүүнүн *минималдуу көрүнүшү* катары алар башка сүйлөшүү бирдиктеринен тышкары да колдонула берет. Аларды тилдик аспектиде өздөрүнө эквивалент болгон эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөр аркылуу алмаштырууга да болот.

Атама фразалардын үч негизги функционалдык өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. Сынаттама фразалар: **Токтогулдун коонтуу чакырыгы. Кудуктан суу ала турган бакандын чыйкылдагы. Турак-жай сакчысы – илек-илектин жайбаракат такылдатканы** (Б.П.).

2. Кабар берүүчү (кулактандыруучу) фразалар: **Карышкыр! Карышкыр!**, - деген коркунучтуу үндөн чочуп ойгондум (К.О.).

3. Белгилөөчү фразалар: - **Мына оруптук, тамак-аш, жууркан-төшөк, кайырмак, тигине кайык.**

Биз жогоруда көрсөткөн үч өзгөчөлүктүн биринчисине гана кеңири токтолмокчубуз, анткени экспрессивдик синтаксистин актуалдаштыруу каражаттарынын бири катары бул өзгөчөлүк кыргыз тилинин стилдеринин түрлөрүндө өзгөчө *активдештирилип изилдөө учурунда айкындалды*.

Лаконизм (кыскалык, нускалык, түшүнүктүүлүк), ошол эле учурда көркөмдүүлүк, сүрөттөөчүлүк, конкреттүүлүк – *мына* ушулар функционалдык-стилистикалык аспектидеги атама фразалардын негизги өзгөчөлүктөрү болуп эсептелет.

Тарыхый аспектиден алып карасак, атама фразалар драматургиялык чыгармалардын ремаркалары, китептердин аталыштары, бөлүмдөрү, макаланын аталыштары, түрдүү жагдайларда түзүлгөн пландар, программалар, мазмундук бөлүктөр, башкача айтканда, сүйлөшүү каражаты катары өсүп жетпеген синтаксистик *бирдиктерде* (сөз айкашы, сөз формалары тибиндеги) өзүнүн калыптануу жана өнүгүү стадиясын башынан өткөргөн. Атама фразалардын техникалык функциясы менен анын бир нерсени белгилөө үчүн жазуу-кулактандыруу иретинде айтылып колдонулушунун ортосунда тыгыз байланыш бар экендигин айкын *баамдоого* болот.

Атама фразалардын түздөн-түз үлгүсү менен түрдүү программалар, обзор, пландар, кыскача *белгилөөлөр калыптанат*: **А.Токомбаевдин «Канду жылдар» романы. Чыгармадагы кыргыз элинин боштондук үчүн болгон көтөрүлүшүнүн чагылдырылышы. Чыгарманын идеялык-мазмундук өзгөчөлүктөрү. Чыгарманын оң жана терс образдары. Романдагы оң**

**каармандардын тагдыры** (Кыргыз тили жана адабияты, кыргызстандын тарыхы боюнча абитуриенттер үчүн программа, 2004).

Атама фразалардын «техникалык» функциясы күндөлүктөрдөн, пьесалардын ремаркаларынан[1] ачык байкалат: **Бердинин жаман там үйү. Төрдөгү жаман тактай үстүндө жаман төшөк, жаман жууркан. Жерде жаман кийиз. Көшөгө ачылганда жаман кийим кийинген Жамал тизесин кучактап жалгыз отурат. Сырттан Тоту кирет, анын өңү сумсайган, чарчаган** (К.Ж. «Каныбек» драмасынан).

Демек, атама фразалардын көркөм-публицистикалык жанрларда колдонулуш өзгөчөлүктөрүнөн карама-каршы болгон көрүнүштөрдү айкындоого болот: мындай конструкциялар, бир жагынан, «техникалык», экинчи жагынан, көркөм каражат катары өсүп чыккан.

*Атама фразалардын* кыргыз жазма адабий тилинде калыптануу жана өнүгүү процессин шарттуу түрдө үч өзгөчөлүктө көрсөтүүгө болот: а) адабий тилдин стилдик жанрларында жана функционалдык стилдин түрлөрүндө атама фразалардын сандык жактан өсүшү; б) синтаксистик жактан атама фразалардын контекстке жуурулуш мүмкүнчүлүктөрүнүн өсүшү жана башка синтаксистик конструкциялар менен болгон өз ара катышынын күчөшү; в) атама фразалардын жайылыш ыкмаларынын активдениши.

Атама фразалардын активденүү процессинде экспрессивдик функциялары да өнүгүүгө дуушар болуп, алардын текст ичинде жайгашуу өзгөчөлүктөрүндө да олуттуу өзгөрүүлөр болуп өткөндүгүн байкоого болот. Бул позициялык-стилистикалык жагдайлар катары төмөндөгүлөрдү көрсөтүп кетсек жетиштүү.

1. Атама фразалар дөмейде текст башынан орун алат (чыгарманын, бөлүмдөрдүн, же абзацтардын башынан орун алат. Мисалы: **1865-жыл**... Генерал Черняев боз чаптуу дөңдө жалгыз көздүү дүрбү салып турду. Бет алдындагы түз талаа гана эмес, тээ алда кайда караган чоочун Ташкен дубалы, мунарыктын алдында жаткан дарактуу кыштактар, бойлорундагы күдүрөйгөн камыштар, андан бери канаттуу чегирткелердей жайнап, акырындап жылып келаткан *көп аскер даана* жатты. ***Кылка-кылка*** **атчандар. Арты көрүнбөй ийрилип чубалган жөөлөр.** Боз чаң ар жерден бирткелеп түтөп, кайра жерге сүйрөлүп, суйдаң сарала тулаң чөнтөргө, жалгыз аяк көк жалтактарга самсып төгүлөт (Т.К.) («Сынган кылыч» романы ушундайча башталат).

**Көк өзөн наркы 1842-жылдын жай айы... Шералы ээн жайытта оттоп жүргөн мал сыяктуу бейгам.** Эртең менен муздак кымырандан карды керилгенче жутуп алып, дикилдеген ылдам көк байталды минип, түнкү жайыттан саан бээлерди айдап келди да, желенин башына имерип токтотуп, кулундарды укуруктан кармап, байлай баштады (Ушул эле чыгармада бөлүм башында колдонулду).

**Пүзүптүн оту.**

[1] Ремарка – пьесадагы аракеттин жагдайы, каармандардын мүнөзү, алардын жүрүш-турушу жөнүндө автор тарабынан жазылган тексттер, пьесанын сүйлөнбөй турган тексттери (Юдахин, 1957, 733)



Сары жалын соймоңдоп, түндүн капкара көшөгөсүнүн өңүрү жалмалап, кызыл учкундар жылтылдап, караңгылыктын кучагына кири жок болуп жатты (абзац башында келүү өзгөчөлүгү).

Атама фразалар айрым учурда бир айтымда өзүнөн мурунку фразаг карата субъекти катары келиши толук мүмкүн. Жазма сүйлөшүүдө бу жагдайда атама фраза обочолонуп, өзгөчө позицияга бөлүнүп чыгып пунктуациялык жактан тиешелүү белги коюлат (ойду бүтүрүүчү функцияг ээ тыныш белгилери коюлат). Бул жагдай эки өзгөчөлүккө ээ:

1. Өзүнөн мурунку фразада жалпылагыч сөз катышат: **Диванхана Шералы-хан.** Бир топ кишилер тегеректеп турушат. Баарында өң жок Шералыны бардыгы бир ишке көндүрө алышпай турушкан сыяктуу. Баарь аны карашат. Баары жикилдешет. **Шады ынак. Казый. Жакында өзү шайх ульислам деп мартабасын көтөрүп, колун берип мюриди болгон кожо. Аскеј кишилери** (Т.К.).

2. Негизги фразада жалпылагыч сөз катышпайт: Бул үйдө түбөлүк бейпилчилик өкүм сүргөн. **Наристе. Жалаяктар. Эрди-катын. Үч көздүү га плитасы. Кыңылдаган эски радионун үнү** (Б.П.).

Өзгөчө публицистика жанрында атама фразадан ага өтө тыгык байланышкан парцеллят-атрибут, объекти, адвербиалдардын бөлүнүп чыгышын факты-материалдар далилдеп турат: Китепкана. Жарык бөлмөлөр. Китеп текчелер. Китептер. Түрдүү, кызыктуу, жаңы. **Москвадан Алматыдан, Анкарадан** («ЗК»). Тоо этегиндеги үңкүр. **Анчалык чоң эмес бир бөлмөлүү үйдөй** («КТ»).

Атама фразаларды салттуу синтаксистин аспектисинде карос түзүлүшү жагынан өзүнө окшош келген айрым конструкциялардан айырмалоого мүмкүнчүлүк түзөт. Салыштырыңыз: **Богословка айлындагы тамекичилик чарбасы. Бул чарбада** колхоздун адамдары менен бирдикте жогорку окуу жайлардын студенттери да кызуу эмгектенишүүдө («СК»). **Райондук милициянын кантору – мурунку райкомдун имараты. Бул жерде** кечинде гана иш кызыган учур («ТТ»). Кыргызстан – көп кылымдаган тарыхы, көп улуттуу калкы, бай жаратылышы, түгөнгүс кен байлыктары, эбегейсиз гидроресурстары бар өлкө (Окуу китептен). Хайдаркандагы сурма комбинаты – өлкөбүздөгү эң бай, эң рентабелдүү ишкана («СК»). Ысыккөл облусу – Республикабыздагы ден соолукту чыңдоочу жана эс алуучу жайлардын мекени («ЭТ»).

Жогорудагы 1–2-мисалдарда сегменттелген конструкциялар, 3–4-5-мисалдарда атоочтук баяндоочтуу эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдү элестетип турабыз.

**IV глава «Апозиопезис (кесинди конструкциялар) жана позициялык-лексикалык кайталоонун стилистика-синтаксистик өзгөчөлүктөрү»** деп аталат.

**«Кесинди конструкциялар»** деп аталган бөлүмдө төмөнкү маселелер камтылат.

Апозиопезис кубулушу жалпы тил илиминде сүйлөшүү процессинде (жазуу жана оозеки сүйлөшүүлөрдө) сөз болуп жаткан маселе боюнча ой учугу токтоп, аны бүтүрө айтпастан туруп, башка, же ошол сүйлөшүү актысына кыйыр байланыштагы ой улантылып берилиши жөнүндөгү экспрессивдүү синтаксистин бир кубулушу катары сыпатталат. Оозеки сүйлөшүүдө бул кубулуш сүйлөөчүнүн ар кыл психологиялык абалы,

тиешелүү интонациялык өзгөчөлүктөрү (ритм, тон, паузанын түрлөрү) аркылуу берилип, угарман тарабынан гана баамдалып турса, жазуу сүйлөшүүсүндө бул кубулуш жазуучунун, журналисттин интонациялык жана пунктуациялык чеберчилиги аркылуу жүзөгө ашырылып, сүйлөшүүнүн эмоция-экспрессивдик мүнөзүн ачууга багытталып, өзгөчө стилистикалык ыкма катары калыптанган.

Кесинди конструкциялардын логика-информативдик жана эмоционалдык-экспрессивдик милдеттерине карата аларды эки өзгөчөлүктө кароого мүмкүн. Биринчи типтеги кесинди конструкциялар шарттуу түрдө информативдик конструкциялар деп аталып, экспрессивдүү гана эмес, коммуникативдик функция да аткарышат, алар контекст менен өз ара катыштагы сүйлөшүү абалына жараша логикалык мүнөздөгү тигил, же бул информацияны билдирет. Мындайча калыптанган кесинди конструкцияларды, жалпысынан, киргизүү, же туташтыруучу конструкциялар катары, тактап айтканда, аны сүйлөшүүнүн вербалдашкан бөлүгү маанисинде предикативдик бирдиктин аягында киргизилген маани катары түшүнүүгө болот.

Мындай конструкциялардын үч тибин атайын бөлүп көрсөтүүгө болот. а) кесинди конструкциялардын түзүлүшүндө фразеологизмдердин жана идиомалардын колдонулуш тенденциясы; б) фразанын (конструкциянын) бөлүктөрүндөгү толук параллелизм (синтаксистик жана лексикалык) тенденциясы; в) татаалдашкан айтымдарда үзүлгөн фразалардагы анын бөлүктөрүнүн семантикасын карама-каршы коюу тенденциясы;

Мисалы: - **Жанымды кыйнаганыңды эсиме тутсам, муздайм. Көтөрүп келдим. Бактым. Атаңды өлтүргөн жокмун, кунун доолагандай. Айыктың. Эми баатыр, төрт тарабың кыбыла, - деди, тизесин бүгүп коюп. Анан, көз ачып жумгуча...** (М.Ж.).

**Чөп чабыкта жүргөн шаардыктар он күн сайын кой жешип, он күн сайын колхоздон сыйлык алып турушчу. Он скирда жыйдыбы – сыйлык, он күн өттүбү сыйлык, бир ай иштедиби...** («СК»). **Жайкы эс алуу сезонунда Ысыккөлдө демейде пляждар элге жык толуп, быкбырдай жайнаган эс алуучулардан басып жүргөнгө бош жер табуу кыйын эле. Эс алуучулар бар -- кирепе да мол, быйыл эс алуучулар жок...** («ЭТ»).

Жогорудагы топтогу өзгөчөлүктөргө ой толук бүтпөй калган кесинди фразалардын маанилик жактан аякташы өзүнө жакын (өзүнөн мурунку, же кийинки фразалар аркылуу) контекст, же контексттик абал аркылуу белгилүү болгон айтымдардын сүйлөшүүдөгү бөтөнчөлүктөрүн кошууга болот. Мисалы: **... Жер бети кардын кылайган биртике шооласынан ак чаңгыл, же аң экендиги билинбейт, же дөң экендиги көрүнбөйт. Тээ алыстан бир шоокум угулат, араң угулат. Кудайдын тоо ташы маглугдан куру эмес го?! Же коёну куушуп, түлкүсү жойлоп, ач бөрүсү жортуп жүргөн чыгар. Бу жаман түндө айбандан башка ким түн катар?** (Т.К.).

**Мен бул жаман ишти кылайын деген...**

**Мен ... Айзада, мен сенин жүзүңдөн бир жыттап моокумду кандырсам дегенде эки көзүм төрт** (Т.К.).

Экинчи топко кирген айтымдарда вербалдык жактан билдирилбей, көмүскөдө калтырылган информациялар белгисиздиги менен айырмаланып,



анын сыр-түйүнүн чечүүдө угарман, же окурман көз алдына бир нече варианттты элестетүүсү ыктымал. Кесинди конструкциялардын мындай өзгөчөлүгү фразаларда «жашырып уччукнай коюунун» көркөм ыкмасынын негизги каражаты катары колдонулат.

1. Айтымдын негизги элементин сактап (демейде айтым субъектисин) фразалардагы ойду бүтүрбөй, окурманды түйшүккө салуу ыкмасы. Мисалы: **Асылым, мындан ары биз... Жок, мындан ары Асылжан деген атты түбөлүккө унутуп кой, садагам («АТ»). Тоонун түпкүрүнөн казылып алынган бул металлга элдин азыр муктаждыгы жок экендигине күмөнүм жок. Келечекте элибиздин турмушунда...** (С.С.).

2. Татаалдашкан айтымдардагы фразалардын бири-бирине карата каршылагыч, же себеп-натыйжалаш, шарттуу мамиле катышта болушу. Мисалы: **Адамдар бири бөрүдөй жортуп, желип, бири айбандын боору ачыгандай, бирөө мажбурлагандай бөжөңдөшүп, туш тарапка кумурскадай жайылып кетип жатышат. Бир гана Аккан арыктын баласы өзүнө таптакыр жарашпаган күлкү келерлик эски шапкечен башын кайда катарын билбегендей, ара жолдо, ач белде калгандай теңирейип турду, бул абал сенин көңүлүңдү бурбаса да, сенин балаң, өз балаң ушундай...** (К.Ж.). **Бардык тааныгандар Сатардын уюул кылыгын акыйкаттык деп эсептешкендей үн-сөз катышпайт, бирок бул жорукту териштиргенде...** (М.Ж.).

Кесинди конструкциялардын стилдик өзгөчөлүктөрүнө кайрылсак, чогултулган материалдар төмөнкүлөрдү далилдеп турат: мындай типтеги конструкциялар, негизинен, эки стилге толук мүнөздүү – адабий-көркөм (стилдин бул түрүндө чогултулган материалдардын 93 пайызы туура келет), публицистикалык, ал эми илимий-популярдык стилде апозиопезис жалпы стилдик түзүлүшкө эмес, ал стилде жазып жаткан авторлордун жекече почеркине тиешелүү болуп, айрым илимпоз, журналист тарабынан колдонулушу толук ыктымал (материалдардын 0,7 пайызын түзөт), расмий-иштиктүү стилге бул сүйлөшүү кубулушу такыр мүнөздүү эмес. Илимий стилде апозиопезис көркөм чыгармалардай стилистикалык эффекти үчүн колдонулбайт, анткени бул жанрга мындай стилдик максат коюлбайт. Ошондуктан бул стилге да кесинди конструкциялар толук мүнөздүү эмес деген жыйынтык чыгарууга болот.

Адабий-көркөм стилде кесинди конструкцияларга мүнөздүү эң негизги белгилер – бул чыгармада катышкан кейипкерлердин диалогдук жана монологдук сүйлөшүүлөрү болуп эсептелет. Ал эми көркөм чыгармалардагы автордук баяндоолордо кесинди конструкциялардын колдонулушу сейрегирээк.

Публицистикалык стилде кесинди конструкциялардын колдонулушу, көбүнэсе, автордук монологдук сүйлөшүүгө (баяндоо, сүрөттөө, сыпаттоо, ой жүгүртүү) мүнөздүү. Бул стилде биз жогоруда анализдеген экинчи типтеги конструкциялар (вербалдашпаган семантикадагы көп маанилүүлүк) сейрек кездешкендигин белгилеп кетүүгө болот.

Илимий-популярдык стилдеги чыгармаларда кесинди конструкциялар экспрессивдүү баяндоо формаларында гана колдонулат.

конструкциялар ушул функцияда оозеки сүйлөшүүнүн башка синтаксистик жана лексикалык касиеттери менен бирдикте колдонула берет. Бул функцияны оозеки сүйлөшүүнү окшоштуруп тууроо функциясы деп атоого болот. Мисалы:

- **Ассолоому алейкум!...**

**Аксакалдар колдорун көкүрөктөрүнө алышып. Үн көтөрө салам айтып калып жатышты.**

- **Валейкума ассалам!...**

**Хан элчиси, Абил бий алмак-салмак алик алышып, сылыктык үчүн баш ийкей өтүп келе беришти.**

- **Ассолоому алейкум!...**
- **Валейкума ассалам!...** (Т.К.).

**Теңирберди кынына кан каткан кылычты мөгдөп тиктеп калтылдап кетти.**

- **О, кулунчагым... О, чырагым...** (Т.К.).

2. Диалогдук жана монологдук сүйлөшүүдө анын каармандарынын кесинди конструкцияларды пайдаланышы сүйлөөчүнүн өзүнүн ошол учурдагы ар кандай сезимдерин билдирүүдөгү күчөтмө каражат катары кызмат өтөйт (психологиялык жактан мүнөздөө функциясы). Жогоруда белгилеген стилдин эки түрүндө тең адамдардын төмөнкү эмоциялык жана эмоционалдык абалдары кесинди конструкциялар аркылуу чагылдырылат:

а) **Ачуулануу, кыжыр кайноо, кек сактоо, кекетүү, каардануу:**

**- Тарт тилиңди... Бирөөнүн өлүгүнүн сага тиешеси жок. Алдыңдагы жумушуңду бил, - деди унтер-офицер каарданып...** (К.Ж.).

**- Сиз бизге бекер эле ачууланып жатасыз. Урушту чыгаргандар качып кеткен тура. Болбосо бирөөнө айтпайт беле, кана, бардыгы унчукпай турушат, - деди туткундардын арасынан бирөө.**

б) **Ыза, кордук, өкүнүч, кайгыруу, боору ооруу: Эч айрылбай байкап турган Шады ынак:**

**- О, аллаяр... - деди түтөгөндөй. – Ана... Кылган иши ушул... Сиздин бир кудай сүйүп бак берген хан башыңызды нас кылганы... улук даражаңызды кемиткени, тепсегени...**

**Кожо башын калтылдатып:**

**- Тоуба... Тоуба... - деп жакасын кармады. – Йе, тоуба...** (Т.К.).

**О, биздин дидары айдан тунук, күндөн жылуу атабыз...**

в) **Тартиптин бузулушу, дүрбөлөңгө түшүү, башы маң болуу, көз жетпегендик, оңтойсуздануу: Диван чогулду.**

**- Кана, абтабачым? – деди Кудаяр-хан шектүү тиктеп.**

**- Эми эмне кылабыз? Өзүбүз жайгарабыз деп отуруп, мына ушуга келдик. Же...** (Т.К.).

**- Дагы өзүбүз жайгарабыз, таксыр...**

**- Сиз жайгарып келиң!... - деди Кудаяр-хан башы маң болуп, - Сиз алардын дилин билесиз. Болунтур, өз туугандарыңызды өзүңүз тынчытып келиң, дүрбөлөңгө түшүрбөй...**

г) **Таанырыч, капалануу: Баястан, кандайдыр, ичинен таарына түшкөнсүдү:**

**- Кайрат кылыш керек, балам. Кайрат кыл! Кайгыргандан оңо жок. Атасынын арбагы колдоп бала сакайып кеткиси бардыр. Аракет этели.**



**Баары келип кудайдан балам, туугандарың ансыз деле кыйын болуп жатса, а сен...** (Ө.Д.).

д) **Өтүнүч, сураныч: Узун көйнөкчөн зайыптын көздөрү коркунучтуу чакчайып, кыроо баскан шыбактай аппак чачтары жайылып, сенселип, кылкылдаган көп элди жоодар аралагансып, толкутуп, жарып аралап келатты.**

**- Ырайым кыл, айланайын эл! Сары улагың болоюн эл!... Атадан жалгыз эле, о кудай... Жарым жан эле шордуум... О, шордуум кайдасың!...** (Т.К.).

**Жолдун эки тарабы калың токойлуу кысыкка барганда, кимдир бирөө бакылдап мушташа кетти.**

**- Жардам... жардам кылгыла, мени өлтүрмөк болду, - деп бирөө бакырып жолдун сол тарабындагы токойду көздөй качты** (К.Ж.).

ж) **Кубануу, толкундануу, сүйүнүү: Катты окуп бүтүштү. Бардыгынын оюу алла кайда кеткендиктен, жымжырт... Бир аздан кийин алар батыш тарабын карап дагы ойго кетишти.**

**- Жолдоштор! Бир боорлор! Карагылачы дарыя ташып, деңиз толкуп жатат. Тигине атыр жыттуу жел жүрүп жөө туманды туш-тушка таранка сүрө баштады. Тигине алыстагы маяк. Ага биз эң жакын калдык. Ал биздин кемени адаштырбай турган маяк, - деди Капитан.**

з) **Ыраазы болуу, ыраазычылык билдирүү:**

**Бирок мына бул солдаттын көзүн будамаламайынча көздөгөн максатка жете албасын Артем анык билди.**

**- Кош, мындай отуруп тамак жеш!**

**- Жок, «рахмат»... Мен азыр эле тойгонмун... Бир аздан кийин биз...** (К.Ж.).

й) **Шылдыңдоо, уяткаруу: Кайнар аңгемесинин ушул жерине келгенде, бир аз токтой калып:**

**- Жигиттер куусуңар, ээ, - деди, Бектенди сөзгө көбүрөөк аралаштырууга аракеттенип.**

**- Руставели айткандай, силерден кырк эсе азыраак.**

**- Ха... ха... ха....**

к) **Өтүнүч, сураныч: Силердин күчүңөргө күч, акылыңарга акыл кошо тургандарды жибердик... Бирок ал поездге түшпөй, атка минбей, жерди баспай, же учпай барат. Баягы экөөбүз отургандагыдагы окуя эсиңде болсун... Калганы өзүңө маалым... Аны издеп тапкыча бир топ иштеп алабыз. Кыскача тапшырма ушул... Көрүшөөр күн жакын, даяр болгула...** (К.Ж.).

л) **Алкоо, баа берүү, тилек, буйрук: Тең катар ак боз бээни күчтүү жигиттер дароо түшоолоп жыгып, а өлүм сезген жаныбар бир чаңырып кишенеп, көз ирмемде мууздалды:**

**- Аллау акбар! Аллау акбар! Бир кудаанын жолуна... Аллау акбар! Султандардын жолуна... Чилтендердин жолуна... Аллау акбар!...** (Т.К.).

м) Айрым кесинди конструкциялар окуя, көрүнүш, кубулуштарды сүрөттөө, алардын натыйжаларын бүдөмүктөө максатында өтө кеңири тараган стилдик ыкма катары көркөм чыгармаларда өтө активдүү колдонулат:

**Россияны жөө туман каптады... Күн ысык, шамал жок... Демибиз кысылат... Карышкыр улуп. Шумдуктуу түлкүлөр жойлойт. Кылыч кыңгырап, киппен шалдырайт... Бирок үмүт алда...**

**Сөз бүкмөлүү түрдө айтылып жаткандыктан, узартып отурууну каалабасымды билесиң...** (К.Ж.).

Кесинди конструкциялар айтымда бекемделген субъектилик-модалдык маанилердин курчун кетишин басаңдаткан экспрессивдик чектегич милдет аткарып, стилистикалык өзгөчө ыкма катары колдонулат:

**Дарийка, эмнегедир, эргип кеткенсиди:**

**- Ай, Гүлшан сен бул сөзүңдү...** (Ө.Д.).

Кесинди конструкциялар адамдын кандайдыр бир эмоциялык кырдаал-сезимдеринин бир бөткей мүнөздөө алкагына батпай турган психологиялык абалдарын жана кыймыл-аракетинин белгилерин билдирүүчү кызмат аткарат.

а) Сезимдин козголушунун, тынчы кетип толкунданууунун эң акыркы деңгээлдерин билдирүү үчүн ой учугу үзүлөт: **Жуп бетке бата тартыла бергенде Нүзүп улагага сыңар тизелеп олтура калып:**

**- Журт, мен силерди топтоп олтурганым... Мен бир түш көрдүм... Мына ошону жорутайын деп топтодум эле...**

**- Айт. Мырза, айта бер, жоруйлу дилибиз жетсе...**

**- Эң бийик, көк жашыл тоолордун үстүндө жүргөн экемин... Бир тоодон бир тоого аттайм... Бир тоодон бир тоого сунсам, колум жетет. Бир тоодон кыйкырсам, бир тоонун кийинги шыгырап үркөт... Бул эмнеси?...** (Т.К.).

б) Кандайдыр бир нерсе жөнүндө таарынуу, терең ойлонуу, үшкүрүнүү абалы: **Колун серелеп, Алманбет майыншып күбүрөдү:**

**- Ай, аттигиниң ай... Таарынып кетти байкушум... Жок дегенде, Абил, көтөрмөлөп сүйлөп койбодуң...** (Т.К.).

**Доглоп жетелеп келген жигиттин колунан кара аргымактын сагагын алып, колтуктап сүйөп аттандырды Бекназар.**

**- Эми көрүшсөк канжыгадан көрүшөт окшойбуз, эмчектештерим, кайыр... - деди Мусулманкул** (Т.К.).

в) Айтыла турган ойдун ошол жагдайда толук калыптанбагандыгы же аны билдирүүдө оңтойсуздашып сөз таба албай калуу абалы:

**- Оо, таксыр... Мен... Мен ушундайча... О, хазрати... (Т.К.).**

**Календер бетин кылуу жыртыйтып:**

**- Сениң каның... сенин каның... - деп акырын күбүрөдү** (Т.К.).

г) Бир нерсени өз аты менен атоону каалабагандык, же ойду туура маанисинде эмес, тергөө (мазактоо) маанисинде түшүндүрүүдө ой кесилип берилет:

**- Тигиндейлерди... башынан деген сөздүн төркүнүн түшүнөсүңөрбү, акмак десе, - кемпир баласына акырая карап** (Д.А.).

**Иосиф Татаевич. Мактаган кызыңар... Иш жүзүнө келгенде, маяс болуп чыкты** (Ч.А.).

д) Чыгармадагы ынактык (интимдик) сезимдердин тереңдеп кетишин сүрөттөөдө кесинди конструкциялар өтө ийкемдүү стилдик каражат катары эсептелет:

**- Жеңе, сен ак чөлмөктү жакшы көрөт турбайсыңбы, мен топу бекитмейди жактырам, көбүнчө, - деди Эшим аны сары зил ойдон тартмакка.**

**- Балакет экенсиң... Жаман оюн эмес, - деди Айзада баш көтөрүп, - кээ бир адепсиз жигиттер топуну издеген болуп койнуңа колун салып жибергени болбосо...** (Т.К.).



ж) Көркөм чыгармаларда ачуулангандык абалында сөгүнүү, анда ачык айтууга болбогон сөздөрдү кесинди конструкция аркылуу берүү абалы:

**- И, айт, айта түш. Карышкырлардын адвокаты кайда десе – биерде жүргөн турбайбы. Сенин айтыбатканыңа ким ишенет, кана далилдеп берчи! Карышкырлар антет, карышкырлар минтет деп, тимеле чогуу жүргөн кишилердей сүйлөйт, элдин башын айлантып жүрүп көнгөнүн карасаң. Эй, мен сенин ичиңде эмне бар экендигин көрүп турам! Мен сага айтып коеюн: эгер мага кыр көрсөткөнү келген болсоң, ...** (Ч.А.).

II. Кесинди конструкциялардын көркөмдүк функциясы.

Кесинди конструкциялардын (өзгөчө катарлаша келген учурлары) диалогдук репликаларда жана микромонологдордо колдонулушу сүйлөшүүнүн гана эмес, анын түрдүү жагдайларын жана кабыл алуусун (кейипкер, же сүйлөөчү тарабынан) да мүнөздөп, сыпаттап, сүрөттөөдөгү артык баш деталдаштыруудан четтөөгө жардам берет. Кесинди конструкциялардын ушул калыпта колдонулуш өзгөчөлүгү көркөм-адабий тексттерге мүнөздүү келип, апозиопезистин көркөмдүк функциясын жүзөгө ашырып турат. Кесинди конструкциялардын мындай функцияда колдонулушу көркөм чыгармаларда сейрек кездешип, биз талдоого (анализге) алган материалдардын 12,1 пайызын түзүп турат. Мисалы: **Ошондо уланып көзүнө элет келе баштады. Ана шаңкайган улуу тоолор... Көкмөл чөп... Бейгам күн... Кымызга ныксыроо... Калкылдаган гүлдөрдү жай ыргап жыпарын авага сээп жүргөн жумшак жел, сыпаа жел... Ана туугандарынын көздөрү... Ана... булар Нүзүптү эзди. Жүрөгү тыз-тыз тилинди. Акырын сызылып, качанкы өлгөн энесинин көкүрөк жытын эстеп алган жетимдей каңырыгы түтөп кетти. Эй, көздөн ным чыкса, даарат бузулат! Ал канилет келе калган жашык сезимин таштады. Эй, не болуп турасың! Өлгөн жалгыз сенби! Атаң кана! Өзүн-өзү кайрады. Жаш чыгарбай кучүркөнүп көзүнүн кычыктарын кызартып токтотту... Бүттү бул дүйнөнүн кызыгы... Бүттү бул дүйнөнүн оюну... Бүттү. Бүттү. Бүттү бул дүйнөнүн азабы...** (Т.К.).

<u>Кесинди конструкциялардын композициялык функциясы</u>. Бул жагдай, анализденген материалдардын 18,3 пайызын түзөт. Апозиопезистин композициялык функциясы катары, биз, айтымдын кандайдыр бир стилистикалык натыйжасын тикеден-тике кесилүү (ойдун аяктабагандыгы) мезгилинде эмес, кесинди конструкцияны белгилүү бир типтеги сүйлөшүү композициясына байланыштырып киргизүүнүн натыйжасында стилдик эффекти түзүү функциясын түшүнөбүз.

а) Кесинди конструкциялар диалогдук сүйлөшүүдө реплика-стимул сапатында колдонулуп, өзүнөн кийин келген реплика-реакция тарабынан ойду бөлүп, же аны «жулуп алуу» мүнөзүнө өтүшү диалогго курч мүнөз, конфликтилик абал алып келет:

**Жаш-Тегин уяң жылмаят:**

**- Азыр биле элекмин, эр-аке.**

**- Аа... Ошондой деңд...** (Т.С.).

2. Кесинди конструкциялардын мүнөздөө функциясы сүйлөөчүнүн (кейипкердин) сүйлөшүү мүнөздөмөсү катары тикеден-тике эмес, кыйыр

түрдө, сөздү бөлүү, же ыксыз аралашуу репликасын киргизүүчү композициялык ыкма катары кызмат кылат:

**Теңирберди кайсаланып калды.**

**- Оп-но, Сарым, кайтасыңбы, эми... Ушу көк чалап менен кете турган болдуң, а. Үй да кырда...**

**- Ыракмат. Жебей, ичпей жүргөн жер беле? Аманчылык болсо, али көп катташабыз, Теңирберди аке** (Т.К.).

3. Диалог, же андан тышкары жайгашкан (монологдук сүйлөшүүдө) кесинди конструкциялардын репликалары *тигил, же бул* кейипкердин жүрүм-турумундагы паралингвистикалык пландагы баяндоолорду өз ичине камтып турат: **Искак калтылдап араң турган кары датканын сакалын сыйлады, ордунан тура келип:**

**- Ва – алейкума ассалам... - деп токтоо алик алып, кош колдоп көрүштү. *Бул ракымга жетине албай,* көптү көргөн кары датка жыртайган кызыл көзүнө сызылып жаш кылгырып:**

**- Углум!.. Кем болбо углум... - деп калч-калч этип араң сүйлөдү.**

**Өрүктүн ноголосуна колтуктап барып:**

**- Отуруңуз, датка ата, а тигилер... - деди Искак** (Т.К.).

4. *Кесинди конструкциялар тике сөз да эмес, автордук баяндоо да* эмес, бейтарап сүйлөшүүнү түзүүдөгү каражаттардын бири катары кызмат өтөйт:

**Тигил жакта ушундай ушак-айыңдар жүрүп жатат дейт: Күлшаны тиякта, өздөрү быякта чачынды болуп... Жок ошо бирге тургандары эле айткан ойлойт** (Ө.Д.).

5. Кесинди конструкциялар бир композициялык түйүндөн экинчисине өтүүдөгү өзгөчө которуучу каражат катары кызмат өтөйт. Мында автордук баяндоодо кесинди конструкциялар бир тематикалык баяндоодон экинчисине, баяндоодон аны сүрүштүрүүгө (же тескерисинче), бир главадан экинчи главага өтүүдө негизги композициялык каражат катары кызмат өтөйт. Мисалы: «Сынган кылыч» романында бөлүмдөрдүн биринде Искактын көтөрүлүшүнүн башы ийгиликтүү аяктап, Кокондо бийлик жүргүзө баштаганы сүрөттөлүп, Атакулду орус бийлиги менен сүйлөшүүгө жибергени менен аяктайт, кийинки бөлүм колго түшкөн унтер-офицер Данилдин Абдымомун бек тарабынан чыккынчылык менен өлтүрүлгөндүгү, орус бийлиги менен сүйлөшүү мүмкүнчүлүгү жок экендиги, бул чыккынчылыкка Искактын жеке мамилеси, ички түйшөлүүсү менен аяктайт. Кийинки бөлүм Атакул баатыр башынын Ташкендеги орус бийлиги менен болгон сүйлөшүүсү, анын ийгиликсиз аякташы жана анын өзүн-өзү атып өлтүрүшү менен бүтүп, кийинки бөлүм Искактын ордосундагы окуяларды сүрөттөй баштайт. Бул бөлүмдөрдүн баары апозиопезис менен аякталып, окуялардын учугун башкага буруу, бир окуядан экинчисине которууда Т.Касымбеков тарабынан кесинди конструкциялар ийкемдүү колдонулган («Сынган кылыч» 528-548-беттер). Чыгарманын башынан аягына чейин мындай композициялык ыкма жыш кездешет.

6. Мурда айтылган ой пикирдин аягы бир топ убакыттан кийин кайта улантыла турган болсо, же айтыла турган ой эң башынан эмес, орто жеринен башталып берилип калат. Кесинди конструкциялар аркылуу мындай жагдай адабий-көркөм, публицистикалык жана илимий жанрларга



мүнөздүү көрүнүш болуп эсептелет да, чыгармага чоң стилдик натыйжа берип турат: **Бабанын үнү пас, уккулуктуу:**

**- ... Киши улуу жерге келгени кыйла заман кетти. Онон бери канча жыл өттү? Онун санына жеткен акылман-санчы жок. Теңир өзү билир. Аа күбө тоо-таш, боору күрөң Жерим!** (Т.С.).

**«Ч.Айтматовдун «суук көздөн сактоочусу», же «өрт өчүргүч...»** аттуу параграфта жазуучунун стилиндеги өзгөчө кесинди конструкциялар талдоого алынат.

Кесинди конструкциялардын, тактап айтканда, апозиопезис кубулушунун Ч.Айтматовдун жалпы чыгармачылыгында колдонулушунун бир өзгөчөлүгү айрыкча көңүл бурууну талап кылат. Бул өзгөчөлүк Ч.Айтматовдун айрым бир чыгармасына гана тиешелүү эмес, жазуучунун жалпы чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн негизги пафосторунун бирин аныктап турат.

Ч.Айтматовдун чыгармаларынын басымдуу көпчүлүгүндө ойдун уландысы бар экендиги, чыгарманын аягына тиешелүү. Бул өзгөчөлүк жазуучунун ар түрдүү стилге байланыштуу жазган чыгармаларынын бардыгына мүнөздүү көрүнүштөрдөн болуп эсептелет.

I. Ч.Айтматовдун чыгармалары биринин артынан экинчиси окурман тарабынан түшүнүүгө оорлоп, психологизмге жык толуп, глобалдык проблемаларды көтөрүү жана чечүүгө аракети жалпы чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн татаалданыш жолун ачык айгинелеп турат. «Ак кеме» повестинде айтматовдук философия концепциясы адамдардын ар кыл мүнөзүн, турмуш диалектикасынын ар тарантуу, динамикалуу өсүш жолдору, экология проблемасын терең психологизм пафосуна ширелтүү менен глобалдык масштабга кадам таштоого да үлгүрөт. Повесттеги эң башкы түйүндүү проблемасы – чыгарманын аягында баланын бала кыялында балык болуп көлгө сүзүп кетиши. Бул эпизод чыгармада төмөнкүдөй чагылдырылып, бул окуя үзүмү апозиопезис аркылуу туюндурулат:

**- Мен балык болуп кетем. Уктуңбу, ата, мен сүзүп кетем. Кулубек келгенде айт, мени балык болуп кетти де. Ушуну айтып, эси чыккан бала кетенчиктей берди. Абышка жооп кайтарбады, үнсүз жатты. Бала андан ары кетти. Суу жээгине түштү. Ошол бойдон токтолбостон сууга кирди...** (Ч.А.).

Жогорудагы эпизод адабий сында өз баасын алды, терең трагедиялык кырдаал катары, кучсуздөрдүн жеңилиши, тактап айтканда, «баланын өлүмү өзү белгилегендей, анын жеңилиши эмес, анын оюнун салтанат куруш, моралдык жеңиши», же болбосо чыгарманын чыныгы трагедияга бөлөнүшү катары сындалып да, көркөм өнөрдүн күчү катары оптимизмге жык толгон чыгарма катары мактала да жүрдү.

Казак жазуучусу А.Алимжанов тарабынан жазылган сын (Алимжанов, 1970)[1] Айтматовдун чыгармаларын кадырлаган, барктаган окурмандарды да, анын чыгармачылыгын изилдеген окумуштуу, сынчыларды да дүрбөлөңгө түшүргөнүн билебиз. Бул пикирде да Орозкулдун жана ага окшогондордун күчтүүлүгү, бийлиги, Момун чал жана бала сыяктуулардын алсыздыгы, экологиянын бузулушу, зөөкүрлөрдүн анын үстүнөн болгон үстөмдүгү – мына ушул түйүндүү

[1] Алимжанов А. Трагедия на лесном кордоне. //Литературная газета, 1970, 8 июля.

маселелерде терс көрүнүштөрдүн алдыңкы планда болушу, натыйжада анын курмандыктары болгон Момун чалдын оор тагдыры, Бугу-Эне жана Баланын өлүмү, чыгармадагы баштан аяк трагизм, анын жеңишинин чыгармада ашкереленип турушу Совет турмушуна карама-каршы экендиги авторго доомат катары коюлган. Бул пикирге биз жогоруда атаган изилдөөлөрдө жазуучунун айтайын деген ою башка экендиги, чыгарманын жалпы идеясы трагедияны эмес, оптимизмди чагылдырып, турмуш үчүн айыгышкан күрөш гана коомдогу терс күчтөргө туруштук берээрин далилдеген сын макалалар жарык көргөн.

Адабияттагы бул окуя кийинки кездерде ар дайым мактоо пикирлердин үстүндө жүргөн Ч.Айтматовдун абройуна да чоң резонанс туудурганын билебиз. Ал ошол эле жылы өз чыгармасына «зарыл тактоосун» киргизет (Айтматов, 1970)[1]. Бул тактоо жогорудагы биз алган үзүндүгө да өтө тыгыз байланышкан, адабий изилдөө болбогондон кийин бизге бул маселелерге кеңири токтолуунун кажети жок.

Бул салттуу ыкма жазуучунун кийинки чыгармаларынын да аяктальш өзгөгүн түзүп, «Эрте келген турналар» повестиндеги «трагедиялык абалды» чагылдырууда колдонулат.

**... Султанмурат катуу кыйкырып бөрүнү токтотту да, Чабдардын жүгөнүн шыпырып ала койду. Жүгөнлү колуна ороп жиберип, оөздукту салмоорлоп кармады. Эми анын куралы ушул жүгөн болуп калды.**

**Карышкыр дагы жакындап келди да, камкап жалы дүгдүйүп, тулку бою тырышып, секирмекчи болуп, жерге жабышып жата калды. Көздөрү Султанмураттын көзүнө кадалды. Бөрүнүн көзү курчураак, заардуурак сезилди.**

**Бирок Султанмурат жалтанбады. Болгондо өмүрүндө биринчи жолу жүрөгү муштумдай эт экендигин, ал дүкүлдөп көкүрөгүн ургулап жаткандыгын даана сезди...** (Ч.А.).

Ч.Айтматовдун публицистикалык чыгармаларынын дээрлик бардыгында көркөм чыгармаларга тиешелүү психологизм, анозиопезистик аяктоо байкалбайт. Бул публицистиканын оперативдүүлүгү, фактыматериалдарга негизделип, кыскалык, нускалык, түшүнүктүүлүк, конкреттүүлүк башкы планга коюлары өзүнөн өзү түшүнүктүү, бирок публицистикага тиешелүү кесинди конструкциялардын заголовкаларда үстөмдүк кылышы Ч.Айтматовдун публицистикасына да мүнөздүү көрүнүш: **«Жазуучу болбосом, Бетховендей болсом го деп кетем...», «Космостон өзүбүздүн турмушка кайра келдим...», «Мемуар жазаар кез келди...», «Менде юмор жок...».**

**«Позициялык-лексикалык кайталоонун стилистикалык-синтаксистик өзгөчөлүктөрү»** аттуу бөлүмдө төмөнкү маселелер камтылган.

*Позициялык-лексикалык* кайталоо проблемасы сүйлөшүү синтаксисинин өзгөчөлүгүнө киргизилип, сүйлөшүүнүн экспрессивдүүлүгүн айкындоодо активдүү колдонулат.

Мисалы:

1. – Тиштедим. Тилиңди тиштедиңби дейт, күчүн менден чыгарып. Тиштедим.! (М.Ж.).

[1] Айтматов Ч.Т. Необходимое уточнение //Литературная газета. 1970, 29 июля



Мисалда позициялык-лексикалык кайталоо кейипкердин сөзүндөгү «тиштедим» сөзүнүн эки жолу кайталанышы аркылуу жүзөгө ашырылган. Алгач бул сөздүн эки позициялык абалында тең «моюнга алуу, макул болуу» семантикасы басымдуу. Бирок чыгармадагы макроконтексттен келип чыгып, аны толугу менен алсак, бул кайталанган сөз автор атайын стилистикалык максатта эки маанини туюндуруу үчүн пайдалангандыгы маалым болот:

**Таягына өбөгүн артып, Сапар кең дөбөнүн желкесине тура калды.**

**Арадан көп өтпөй, заңгырата көтөргөн суусун сарайга киргизип, кыз атасынын маңдайына келип отурду.**

- **Келдиңби?**

**Акылай буулуга оор улутунду.**

- **Артыңан каракчылар сая түшкөнсүп эмне ышкырдың?**

**Кыз унчуккан жок.**

**- Ышкырам деп тилиңди тиштеп алган жоксуңбу? Эмне унчукпайсың?**

**Кыз титиреңдеп алды:**

**- Тиштедим. Тилиңди тиштедиңби дейт, күчүн менден чыгарып. Тиштедим!** (М.Ж.).

Контекстте айкын болгондой позициялык-лексикалык кайталоонун биринчиси кылган иш-аракет боюнча моюнга алуу оттеногун билдирсе, экинчиси ал иш-аракет боюнча суроо берген тарапка наарazычылык оттеногун берүүдө атайын кайталанган. Жогорудагы семантикалык маани жооп берүүчү тараптын бул кайталоого чейинки иш-аракет, ал абалын билдирүүдөгү автордук баяндамадан да кошумча белгилүү болуп турат (**«Кыз титиреңдеп алды»**).

Демек, позициялык-лексикалык кайталоо катышкан синтаксистик конструкцияларда, негизинен, прагматикалык семантиканы (субъектилик-модалдык, эмоциялык-экспрессивдик) билдирүү жагдайы басымдуулук кылат.

Ошондуктан позициялык-лексикалык кайталоонун стилистикалык-синтаксистик жана экспрессивдик өзгөчөлүктөрү биз диссертациялык иштин мурунку бөлүмдөрүндө анализдеген кубулуштарында кездешкен стилистикалык-семантикалык ыкмалары менен шайкештикте колдонулуп, сүйлөшүүдөгү **«сарамжалдуулук жана артыкбаштык»** сызыгынын акыркы баскычы катары кароого мүмкүнчүлүк түзөт.

Позициялык-лексикалык кайталоонун түрлөрүн айкындоодо биз жогоруда көрсөтүлгөн жалпы принциптерге таянуу менен бирге, сүйлөшүү актысында эмне кайталанып жатат, кандайча кайталанып жатат – ушул жагдайларга өзгөчө көңүл буруп, бул өзгөчөлүктөрдү формалдык жактан гана анализдөө максатын койбой, ал кайталанган элементтердин экспрессивдүүлүк абалын түзүүгө тийгизген таасирлеринин даражаларын аныктоого аракет жасайбыз. Бул таасирдик даражанын негизги факторлору, биздин байкашыбызча, биринчиден, кайталануучу элементтердин байланыштуулугу // байланыштуу эместиги, башкача айтканда, сүйлөшүү актысында алардын чектеш, туташ (ирегелеш) позициядабы, же чектеш (туташ) эмес жайгашып турабы, экинчиден, кайталанган элементтердин төмөнкү синтаксистик деңгээлге (сөз формалары жана сөз айкашы) тиешелүүбү, же жогорку деңгээлге (предикативдик бирдиктер деңгээли, же айтым) тиешелүүбү – ушул

маселелер менен тыгыз байланышта карообуз зарыл. Кайталанып жаткан бирдиктердин (элементтердин) тыгыз байланыштуулугу жана ал элементтердин (бирдиктердин) предикативдик деңгээлге тиешелүүлүгү, сөзсүз, экспрессивдүүлүк даражанын жогорку баскычка көтөрүлүшүнө алып келет, тактап айтканда, сүйлөшүү актысында экспрессивдик стилдин пайда болушуна шарт түзүп турат. Көрсөтүлгөн жалпы факторлорго ылайык позициялык-лексикалык кайталоонун өзгөчөлүктөрүнө классификация жүргүзө турган болсок, аларды экспрессивдүүлүк даражасына карата дифференциациялап, төмөнкү түрлөргө бөлүштүрүп кароого болот: а) предикативдик бирдиктердин тыгыз байланыштуу *кайталанышы (фразалардын); б) предикативдик эмес бирдиктердин* байланыштуу кайталанышы (сөз формаларынын, сөз айкаштарынын); в) предикативдик бирдиктердин байланыштуу эмес кайталанышы; г) предикативдик эмес бирдиктердин байланыштуу эмес кайталанышы;

**«Позициялык-лексикалык кайталоонун негизинде уюшулган конструкциялардын стилистикалык өзгөчөлүктөрү»** деп аталган бөлүмдө позициялык-лексикалык кайталоонун негизинде уюшулган конструкциялардын стилдин түрдүү тармактарында калыптанышына байкоо жүргүзүлөт.

Позициялык-лексикалык *кайталоолордун негизинде уюшулган* конструкциялар төрт стилде (көркөм-адабий, публицистикалык, илимий-популярдык жана илимий) статистикалык жактан кескин айырмачылыкта колдонулат. Сандык жактан жүргүзүлгөн анализде көркөм-адабий стилде жалпы материалдын 69,3 пайызын түзөт. *Ал эми* публицистикалык жана илимий-популярдык стилдерде булардын пайыздык өлчөмүндө анчалык кескин айырмачылыктар байкалбайт (публицистикада 15,7, илимий-популярдык стилде 14,1 пайыз). Илимий стилде 0,9 пайыздык өлчөмдө колдонулуштун өзү эле стилдин бул түрүнө экспрессивдүүлүк категориясынын канчалык мүнөздө тиешелүүлүгүн айкындап турат.

Позициялык-лексикалык кайталоонун негизинде уюшулган конструкциялар, негизинен, көркөм-адабий стилдин монологдук сүйлөшүүсүндө активдүү колдонуп, диалогдук сүйлөшүүдө сейрегирээк кездешет.

**«Позициялык-лексикалык кайталоо актуалдуу жиктелүү аспектисинде»** деп аталган параграфта мындай типтеги конструкциялардагы тема-ремалык катыш аныкталат.

Позициялык-лексикалык кайталоонун айтым түзүлүшүндөгү жогоруда белгиленген ролу анын функционалдык келечеги менен тыгыз байланышкан. Бул сүйлөшүү ичиндеги айкындагыч, баса белгилөө, бөлүп көрсөтүү айтым ичинде ар дайым сакталып турганы менен экспрессивдик конструкциянын бул тиби актуалдуу бөлүнүүнүн компоненттерин (тема жана рема) атайын бөлүп көрсөтүүгө көпчүлүк учурда катыштыгы жок, анткени ал түрдүү жагдайларда ажырагыс айтымдардын курамында калыптанып (көбүнчө мындай жагдай диалогдук сүйлөшүүгө тиешелүү), мындай учурларда эмфатикалык мааниге ээ болуп турат. Мисалы: **Коё бергиле, коё бергиле…**

- **Мага ушуну айтайын деп келдиң беле?…** (Т.К.).
- **Карма! Карма кутурган калди!** (Т.К.).



- **Дуйдукул Соор, Дуйдукул Соор дейм, уруксат бер, барып Тайыр Усун менен сүйлөшүп көрөйүн** (И.К.).

Ал эми экспрессивдүү ажыроого дуушар болгон айтымдарда жогорку жыштыкта жана анчалык жыш эмес, типтүү жана типтүү эмес функцияларын кайталоонун актуалдуу жиктелүүдөгү кошумча каражаты катары карашыбыз керек.

Позициялык-лексикалык кайталоонун жогорку жыштыктагы (актуалдуу жиктелүү аспектисинде) функциялары катары төмөнкү учурларды эсептөөгө болот:

1. Кайталоо актуалдуу жиктелүүдө айтымдын ремалык бөлүгүн баса белгилөөдө кошумча каражат катары келет. Мисалы: **Ошентсе да создуктурбай, үч сааттан кийин самолетто учуп калдым. Мына, үйүм, энем. Айласы куруп, көзү тоодой болуп, жардам издеген энем** (Б.П.).

**- Айтып койгулачы, ошентсе да ал тирүүбү? Сиз айтпадыңызбы, ал бүгүн жакшы деп… Бирок ал тирүүбү?** (Б.П.).

**- О, таксыр… Кылган жакшылыгынын акысын сураш иттин иши эле го. Мен ит болоюн. Мен сурайын. Кыргынды токтот. Жаман күнүңдө белиңе таңуу болдум эле, ылдыйышта өбөк, өйдөдө жөлөк болдум эле. Ошонум үчүн токтот кыргынды… Ага арзыбасаң, арзыбады дебейин, ал кызматыма да сурабайын, мындан ары кылар кызматыма сурайын, токтот кыргынды… Карымы казык кылып, башымы токмок кылып, өмүрүм өткөнчө тик туруп кызматыңды кылайын алдыңда, токтот кыргынды…** (Т.К.).

Жогоруда белгилүү болгондой, айтымдын түзүлүшүндөгү ремасын бардык бөлүгү эмес, ар кийинки фразаларда коммуникативдик динамизм (Распопов, 1965; Рычкова, 1988) деңгээли жогору турган фразадагы логикалык жактан атайын бөлүнүп турган кайталанган элементтер жөнүндө сөз болуп жатат.

Ремасын курамынан анын бөлүктөрүнүн өзгөчө бөлүнүп турушу демейки эле кайталоодо да белгилүү роль ойнойт, кайталанган элементте атайын милдет деле жокко эсе, анын бөлүктөрүндө кошумча түшүндүрүү, же айтымдын андан ары уланышы деле күтүлбөйт. Мисалы:

**- Бул кылган ишиң биз үчүн тыйынчалык да эмес. Ооба тыйынчалык да эмес, бүттү!** (Т.С.).

**«Позициялык-лексикалык кайталоонун негизинде уюшулган конструкциялардын прагматикалык функциялары»** деген параграфта төмөнкү маселелер каралат. Аталган типтеги конструкциялар, негизинен, көркөм-адабий тексттерде активдүү колдонулуп беш функционалдык өзгөчөлүктө таралгандыгын байкоого болот. а) **экспрессивдик; грамматикалык;** б) **мүнөздөмө;** в) **көркөмдүүлүк;** г) **композициялык;** д) **интонациялык;**

1. Позициялык-лексикалык кайталоонун негизинде уюшулган конструкциялардын экспрессивдик-грамматикалык функцияда колдонулушунда төмөнкү өзгөчөлүктөрдү көрсөтүүгө болот.

1. Айтымдын жайылышында башка байланыш каражаттарына караганда кайталоонун байланыштыргыч кызматы биринчи планга көтөрүлөт. Бул жагдайда кайталануучу лексикалык бирдиктердин бөлүнүп көрсөтүлүү функциясы негизги роль ойнобосо да, ал конструкциянын курамында сакталып кала берет. Мисалы: **Мен столдон турган жокмун, бир туруп мас көрүнгүм келди, көңүлүм көтөрүңкү эч ким менен ишим жоктой**

**<u>көрүнгүм келди</u>. Экинчи жагынан, капаланып отурган адамдардай <u>көрүнгүм келди</u>. Бул кечеде кыжырлануу ылайыктуубу? Биз классыбыз менен акыркы жолу чогулуп олтурабыз. Балким, мындай учурда токтоолук, келечек жөнүндө ой жүгүртүү керектир, анын үстүнө Тамара мени аябай көңүл коюп байкап жатканын көрдүм. Мен мүмкүн болушунча камырабагандай <u>көрүнгүм келди</u>** (Б.П.).

2. Позициялык-лексикалык кайталоо айтымдын жайылышынын каражаты катары кызмат өтөйт (бул жагдайда ал күчөтүү, атайын бөлүп көрсөтүү милдетин да өз ичине камтып турат). Айтымдын мындайча жайылышы, негизинен, бириктирүү жана тактоо мүнөзүндө болуп, аны кеңири түшүнүүгө өбөлгө түзүп, логикалык жактан анын бардык элементтерине тиешелүү жайыла бериши мүмкүн. Мисалы: **Айланада кулак-мурун кескендей <u>бейкуттук</u> өкүм сүрүп турду, коркунучтуу, сүрдүү <u>бейкуттук</u>** (К.О.). **Бул айыгышкан кармашууда тагдыр ага ортоктош болгон жок. <u>Ал өзү гана</u> калды. Жүздөгөн душман жоокерлерине каршы – <u>өзү гана</u>** (А.С.).

Синтаксистик кайталоонун бул функцияда колдонулушу күчөтүү, же чектөө мүнөзүнө ээ болгон тактагыч элементтердин айтымдын курамына киргизилишине да жол берет.

Мисалы:

- **Эй, Маргазы, сен эртеден бери элдин атынан айтып жатам, эл ушундай деп айтып жатат, бул жалпы элдин ою деген сөзүңдү токтот. Сен жалгыз эл эмессиң, баччагар. Сен <u>өз атыңдан</u> сүйлө. <u>Өз атыңдан гана</u>** (М.Ж.).

3. Позициялык-лексикалык кайталоо буйрук мүнөзүндөгү айтымдардагы камтылган субъективдүү-модалдык маанилерди (прагматикалык) күчөтүү каражаты катары кызмат өтөйт. Мындай мүнөздөгү айтымдардын колдонулуш чөйрөсү өтө кеңири: 1. Кыжырдануу мүнөзүндөгү буйрук; 2. Коркутуу мүнөзүндөгү талап; 3. Көшөрүү-чыдамсыздык менен талап коюу (буюруу); 4. Бир нерсеге макулдатуучу буйрук; 5. Көңүл айтуу мүнөзүндөгү буйрук; 6. Кеңеш беруучүлүк буйрук; 7. Кемсинтүү – кордоо мүнөзүндөгү буйрук; ж.б. Мисалы:

Сатар. Тарт тилиңди! Басмачы эмеспиз, басмачы эмеспиз. ***Жанкыла жаагыңарды!*** *Анан кимсиңер?* ***Жанкыла жаагыңарды!*** Түшүндүңөрбү? (К.Ж.).

- **Эй, жүзүкара, карапайымдардын маңдай тери менен табылган оокаттарын эмнеге талап тонойсуңар, ыя? Жип-шуусуна чейин алган оокаттарды мында алып кел! Тез, мында алып кел, жүзүкара!** (И.К.).

- **Ты-ынч, коён жүрөктөр!** – *деп кыйкырып турду.* **Чуулдагандар дым боло калышты. Тарс! Сыпай бук түшүп, тырышып жыгылды.**

- **Жан соога! Кагылайындар, жан соога...а** (Т.К.).

4. Позициялык-лексикалык кайталоо суроолуу айтымдардагы экспрессивдүүлүктү күчөтүү каражаты катары да кеңири пайдаланылат. Мисалы:

- **Саламатсызбы, аксакал, сиз менин сөзүмдү жакшылап угуңузчу. Сиз менен мурунку жолугушканда сүйлөшкөн сөздөр эсиңизден чыгып кеттиби? Гм... Чын эле эсиңизден чыгып кеттиби? Же аны азыр эсиңизге салып коёюнбу?** (Ө.Д.).



- **Чөп салдым, аттарга, тамак жасап коём деп өзүң убада бербедиң беле, ыя? *Убада бердиң беле?* – Мурат жаш баладай таарына эшикти көздөй жөнөдү** (Ө.Д.). Кайталоонун бул функциясы көбүнчө диалогдук сүйлөшүүгө мүнөздүү.

5. Позициялык-лексикалык кайталоо иш-аракеттин узакка созулушун, же бат эле өтүп кеткенин билдирүү каражаты катары кызмат өтөйт. Бул жагдайда кыймыл-аракетти билдирүүчү сөз, же сөз формасынын лексикалык маанисине караганда айтымдын жалпы мазмунундагы ал иш-аракеттин тез болуп өтүшү, же узактыгы биринчи планга чыгат. Лексикалык кайталоонун бул өзгөчөлүгү көбүнчө монологдук сүйлөшүүдө активдүү колдонулушка ээ. Диалогдук сүйлөшүүдө сейрегирээк кездешет. Мисалы: **Айлар бою туюктурган кургакчылык көкөйүнө ушунчалык тийгенби? Ал бүгүнкү чакалап төккөн жаанга маашыркагандай шаар тарапты көздөй басыгын уланта берди. Токтобой кете берди, кете берди, басыгын уланта берди** (Ш.Э.).

II. Позициялык-лексикалык кайталоонун мүнөздөмө функциясында төмөнкү өзгөчөлүктөр ачык байкалат.

Кайталоо бул функцияда айтымдын модалдык маанилериндеги баса көрсөтүү, күчөтүү сүйлөшүүнүн субъектисин жалпы мүнөздөө каражаты катары келет. Биз анализдеген материалдарда позициялык-лексикалык кайталоо төмөнкү субъективдүү-модалдык маанилерди күчөтүү жана баса белгилөө функцияларында колдонулгандыгын көрөбүз:

А) **кааrдануу, кыжырлануу**; б) **ачуулануу**; в) **өкүнүү**, **капа болуу**; г) **толкундануу, таасирленүү**; д) **ишенбегендик, өзүн-өзү жоготкондук**; ж) **жемелөө**; е) **таң калуу**; к) **туталануу**; л) **уялуу**, **моюнга алуу**; м) **опузалоо, коркутуу**; н) **аргасы түгөнүү**; о) **кубануу**; п) **бекемдөө**; р) **далилдөө.**

***Диссертациялык иш боюнча төмөнкү корутундуларды чыгарууга болот:***

1. Экспрессивдүү синтаксис кубулуштарын изилдөөдө баарыдан мурда тилдин синтаксистик бирдиги – сүйлөм менен сүйлөшүүнүн коммуникативдик бирдиги – фразанын ортосундагы айырмачылыкты бөлүп көрсөтүү зарыл.

Бул проблема тилчилердин көңүлүн XVIII кылымдардан тартып эле бура баштап, В.Гумвольдт, кийинчерээк Н.Пауль, Ф.де Соссюрлар тарабынан философиялык жана психологиялык аспектиде ажыратылган.

Академик Л.В.Щерба бул маселенин чечилишинин жаңы жобосун белгилеп, тилдик кубулуштардын ичинен сүйлөшүү иншердүүлүгүн, сүйлөшүү материалдарын жана тилдик системаны айырмалоону сунуш кылган. Фразаны сүйлөшүү бирдиги катары кароо орус окумуштуусу А.М.Пешковскийге таандык. Анын ою боюнча фраза – ритмо-мелодикалык, ал эми сүйлөм грамматикалык кубулуш. С.И.Бернштейн өз кезегинде сүйлөмдү бүткөн бир айрым ойду билдирүүчү тилдик системанын бирдиги катары, фразаны сүйлөшүүнүн коммуникативдик бирдиги катары айырмалайт. Ал эми Ю.В.Ванниковдун ою боюнча сүйлөм – бул эки мүчөлүү маанини билдирген, асыресе, үзгүлтүксүз катарда турган сөздөрдүн предикативдик айкашынын формалдуу-грамматикалык схемасы, а фраза интонациялык-маанилик биримдикти өз ичине камтыган

сүйлөшүүнүн эң кичине жана негизги коммуникативдик бирдиги. Сүйлөшүү айрым интонациялык-маанилик бөлүктөр болгон фразаларга ажырайт, ал өз кезегинде андан да майда интонациялык-маанилик тайпаларга бөлүнүшү мүмкүн, бирок алар сүйлөшүү процессинде өз алдынчалыкка ээ эмес жана пикир алышуунун бирдиктери да боло алышпайт. Эгер сүйлөшүүдө сүйлөмдү фраза аркылуу чагылдырууга мүмкүн болсо, фраза сүйлөмдүк түзүлүштү ишке ашырууда дайыма эле колдонууга мүмкүн эмес, демек, айрым учурларда сүйлөм менен фразанын чек аралары шайкеш келбей калат. Мына ушул шайкеш келбөөчүлүк тилдин жана сүйлөшүүнүн бирдиктерин жалпылоочу сүйлөшүү бирдигинин зарылдыгына алып келет. Экспрессивдүү синтаксистик конструкциялардын формалдуу өзгөчөлүктөрүнөн келип чыгып, бул элементтердин ортосундагы синтаксистик-семантикалык мамилелерди синтаксистик түзүлүштүн жана айтымдын (высказывание) деңгээлинен карап, айтым катары сүйлөмдөн кененирээк түшүнүктөгү бирдикти, тактап айтканда, формалдуу түзүлүштүн жана сүйлөшүү конкреттүүлүгүнүн биримдигин, инварианттуулуктун жана варианттуулуктун биримдигин, мыйзамченемдүүлүктү жана кокустукту ичине камтыган реалдуу синтетикалык бирдикти түшүнөбүз. Демек, айтым – бир, же бир нече фразадан турун, бир сүйлөмгө бириктирип турган сүйлөшүү чынжырдын кесиндиси.

2. Синтаксистик деңгээлде алганда экспрессия – сүйлөшүүнү ачык-айкын, көркөм, таасирдүү, маанилүү, даана сүрөттөп көрсөтө турган жана сүйлөшүүгө образдуулук, өзгөчө көркөмдүк касиет берип турган сүйлөшүүнүн сапаттык жагы, бейтарап фондогу тигил, же бул сүйлөшүү үзүндүлөрүн атайын бөлүп көрсөтүү, баса белгилөөчү өзгөчө сүйлөшүү кубулушу.

3. Тилдин экспрессивдик функциясы – бул сүйлөп, же жазып жаткан адамдын эмоционалдык абалдарын, күчтүү сезимдерин (кайгыруу, кубануу, ачуулануу, коркуу ж.б.), анын атайын белгилей турган нерселерине жана турмуш чындыгынын ар түрдүү кубулуштарына карата болгон субъективдүү мамилелерин билдирүү мүмкүнчүлүктөрү.

4. Синтаксистик экспрессиянын эң маанилүү каражаттары – интонация жана сүйлөшүү бирдиктеринин жайгашуу өзгөчөлүктөрү.

5. Экспрессивдүүлүк – эмоционалдык, баалоо, көркөмдүк, поэтика-эстетикалык, динамикалык, стилистикалык жактан түрдүү боекчолор менен жабдылган, кеңири мазмунга ээ болгон интелектуалдуу-сезимтал сүйлөшүү категориясы.

6. Синтаксистик пландагы экспрессивдүүлүк-сүйлөөчүнүн эмоциялык сезимдерин жана эрктик күч-аракетин билдирүү, көркөмдүктү, таасирдүүлүктү, сүрөткөйлүктү логикалык жактан күчөтүү каражаты катары кызмат кылган синтаксистик түзүлүштүн каражаты, айтымдын прагматикалык потенциалын күчөтүү касиети.

7. Парцелляция бул бирдиктүү синтаксистик түзүлүштүн, б.а. сүйлөшүүнүн экспрессивдүү бөлүнүшүнүн ыкмасы. Тилдин жана сүйлөшүүнүн бирдиктери – сүйлөм жана фраза ар түрдүү лингвистикалык бирдиктер катарында карама-каршы коюлбайт, алар тек гана сүйлөмдүн эки жактуу берилиши: анын тилдик инварианты (абстрактуу схемасы, модели) жана сүйлөшүү варианты (сүйлөмдүн контекстте жана ситуацияда берилиши) катары сыпатталат.

8. Парцелляциялык конструкциянын биринчи бөлүгү негизги фраза, экинчи бөлүгү парцеллят деп аталат. Парцелляция айтым чегинде жүзөгө ашырылат. Айтым – тил жана сүйлөшүүнүн бири-бирине шайкеш катыштагы бирдиктери сүйлөм менен фразанын биримдигин айкындап турган конкреттүү тилдик бүтүндүк.

9. Коммуникативдик аспектиде парцелляциялык конструкциялардын тема – ремалык статусун аныктоодо окумуштуулардын эки түрдүү көз карашы өкүм сүрөт. Биринчи көз караштагылар негизги фраза темалык, парцеллят ремалык касиетте турат деп көрсөтүшөт. Экинчи көз караштагылар парцелляциялык конструкциянын эки бөлүгүнө тең ремалык катыштын сакталып турушун белгилешет. Диссертант экинчи көз караштагы жактап, парцелляттын экинчи ремалык касиетте келип, негизги фразада да толук тема – ремалык касиет сакталат деген жыйынтыкка келет.

10. Сегментация кубулушу катары, жалпысынан, айтым чегинен анын бир бөлүгү – өзгөчө сегменттин синтаксистик жана интонациялык жактан бөлүнүп чыгышын түшүнөбүз, б.а., атайын экспрессивдүүлүктү күчөтүү максатында айтымдын тема жана ремага бөлүнөт. Ошондуктан сегменттелген конструкциянын эң айкын мисалы катары атама темалык конструкция эсептелет.

11. Атама фразалар да экспрессивдик синтаксистин каражаттарынын бири болуп эсептелет. Мындай сүйлөшүү каражаттарында предикативдүүлүк имплицитдүү (ачык эмес).

Функционалдык өзгөчөлүктөрүнө карата атама фразалардын үч тибин бөлүп көрсөтүүгө болот: сыпаттама, белгилөөчү, кабар берүүчү атама фразалар.

Лаконизм (кыскалык, нускалык, түшүнүктүүлүк), ошол эле учурда көркөмдүүлүк, сүрөттөөчүлүк, конкреттүүлүк атама фразалардын функционалдык-стилистикалык өзгөчөлүктөрү болуп эсептелет.

Тарыхый аспектиде атама фразалар байыркы мезгилдерден эле жазуу сүйлөшүүсүндө калыптанган. Бул драматургиядагы ремаркаларда, чыгармалардын аталышында, түрдүү жагдайлар боюнча түзүлгөн пландарда, программаларда, башкача айтканда, сүйлөшүү каражаты катары өсүп жетилген синтаксистик бирдиктерде калыптануу жана өнүгүү стадиясын башынан өткөргөн.

12. Апозиопезис (кесилип калуу, айтылбай калуу) фактысы тилдик эмес, сүйлөшүү фактысын, айтымдын өзгөчөлүгүн чагылдырып турат.

Экспрессивдик конструкциялардын бул тиби өзүнө гана тиешелүү структуралык моделдерге ээ эмес. Ага сүйлөм катары, же сүйлөмдүн өзгөчө түрү катары баа берүүгө да болбойт.

Кесинди конструкциялар сүйлөшүү кубулушу катары функционалдык-коммуникативдик өңүттөн айтымдын актуалдуу жиктелүүсүн жана экспрессивдүү бөлүнүшүн тейлеп турат.

Кесинди конструкциялар стилдик жактан, негизинен, эки стилге – адабий-көркөм жана публицистикалык стилдерге мүнөздүү, ал эми илимий-популярдык стилде жеке автордук почеркке байланыштуу сейрек колдонулат. Расмий-иштиктүү стилге бул сүйлөшүү кубулушу такыр мүнөздүү эмес.

Кесинди конструкциялардын прагматикалык жагы мүнөздөмө (ачуулануу, кыжыр кайноо, кек сактоо, ыза, кордук, өкүнүч, кайгыруу, боор ооруу, дүрбөлөңгө түшүү, ынгайсыздануу, өкүнүү, суранууу, кубануу, толкундануу ж.б.), көркөмдүк, композициялык функциялары аркылуу мүнөздөлүп турат.

13. Позициялык-лексикалык кайталоонун синтаксистик, экспрессивдик жана стилдик табияты жана мүмкүнчүлүктөрү өтө кенен.

Сүйлөшүү өзгөчөлүгүндө кайталанган элементтер өзүнүн түз маанисинен четтеп, экспрессивдик функцияда кейипкердин учурдагы психологиялык абалына жараша бир нече контексттик маанилерди билдирип турат.

Позициялык-лексикалык кайталоонун негизинде уюшулган экспрессивдик конструкциялар иш-кагаздар стилинен башка функционалдык стилдерде кеңири колдонулат.

Позициялык-лексикалык кайталоонун негизги функциясы – айтым үчүн өтө маанилүү болгон сөздү баса белгилеп, айкындап, бөлүп көрсөтүү, ага көңүлдүн чордонун буруу болуп эсептелет.

Актуалдуу жиктелүү аспектисинде позициялык-лексикалык кайталоо айтымдын ремалык бөлүгүн баса белгилөөдө кошумча каражат катары кызмат аткарат.

Позициялык-лексикалык кайталоо аркылуу уюшулган конструкциялардын прагматикалык функцияларына мүнөздөмө (каардануу, ачуулануу, кыжырлануу, өкүнүү, капа болуу, толкундануу, таасирленүү, ишенбөө, жемелөө, таң калуу, уялуу, онузалоо, коркутуу, аргасы түгөнүү, бекемдөө, далилдөө ж.б.), сүрөттөмө (автордук сыпаттоо жана баяндоо), көркөм-композициялык (кейипкердин психологиялык абалын сүрөттөө), интонациялык функциялар кирет. Кайталоо ошондой эле тексттик ритмикалык жактан уюшулушун чагылдырган каражат жана айтымдын компоненттеринин ортосунда байланышты чыңдоочу каражат катары да кызмат аткарат.

14. Экспрессивдик конструкциялардын синтаксистик табиятын, түзүлүш өзгөчөлүктөрүн, модалдык, экспрессивдик жана прагматикалык функцияларын изилдөө түркологияда, анын ичинде кыргыз тил илиминде XX кылымдын 1980-жылдарында башталып, бүгүнкү күндөрдө улантылууда. Анын толукталышына жана такталышына бул эмгек кандайдыр бир деңгээлде багыттама материал болоруна ишенебиз.

## Диссертация боюнча жарык көргөн эмгектер


**Монографиялар:**

1. Кыргыз тилиндеги парцелляция кубулушу (жөнөкөй сүйлөм аспектисинде). Бишкек, «Илим», 1996, 102 б.
2. Кыргыз тилиндеги экспрессивдүү-синтаксистик конструкциялар. Бишкек, «ЖМ-Абыкеев», 2006, 209 б.

**Окуу китептери:**

1. Кыргыз тили. Бишкек, 1996. (авторлош). 198 б.

**Окуу куралдары:**

1. Экспрессивдик синтаксистик кубулуштарды бири-биринен айырмалоо. Бишкек, 2001, 16 б.
2. Тил жана сүйлөшүү проблемалары. Бишкек, 2002. 28 б.





3. Сегментация жана атама фразалар. Бишкек, 2003. 24 б.
4. Апозиопезис (Кесинди конструкциялар). Бишкек, 2004, 34 б.
5. Позициялык-лексикалык кайталоонун синтаксистик-стилистикалык өзгөчөлүктөрү. Бишкек, 2005, 32 б.

**Программалар:**

1. Кыргыз - Кувейт университетинин абитуриенттери үчүн Кыргызстандын тарыхы, кыргыз жана орус тили жана адабияты боюнча программа. Бишкек, 2001 (2002, 2003, 2004, 2005) 24 б.

**Макалалар:**

1. Графикалык тил илими жана анын изилдөө тармактары //"Манас" эпосунун 1000 жылдыгына жана профессор К.Тыныстановду эскерүүгө арналган филологиялык илимдер боюнча эл аралык илимий - теориялык конференциянын тезистери жана материалдары. Каракол, 1995, 18-23-б.
2. Позициялык-лексикалык кайталоонун көркөм чыгармалардагы стилистика - синтаксистик өзгөчөлүктөрү //Материалы 2 - научно-практической конференции "Проблемы образования и науки", посвященной 10-летию Кыргызской Республики и 5-летию образования Нарынского государственного университета. Ч. 2. Нарын, 2001, 156-163-б.
3. Бириктирүү жана парцелляция //Вестник Кыргызского Государственного Национального Университета. Серия 1. Выпуск 3 Бишкек, 2001, 94-96-б.
4. Парцелляция-сепартизация-сегментация //Вестник КГНУ. Серия 1, выпуск 3. Бишкек, 2001, 96-100-б.
5. Парцелляциялык конструкциялардагы тема-ремалык мамиле. //Вестник КГНУ. Серия 1, Выпуск 3. Бишкек, 2001, 114-117-б.
6. Парцелляттын милдетинде ээнин бөлүнүп турушу //Социальные и гуманитарные науки. № 1-2. Бишкек, 2001, 41-44-б.
7. Парцелляция жана обочолонуу// Социальные и гуманитарные науки. № 1-2. Бишкек, 2001, 61-65-б.
8. Парцелляция жана кемтик сүйлөмдөр. //Профессор Абдыкул Жапаров жана тил илими. Бишкек, 2002, 134-137-б.
9. Кептеги парцелляция кубулушу жөнүндө. //Профессор Абдыкул Жапаров жана тил илими. Бишкек, 2002, 148-152-б.
10. Парцелляциялык түзүлүштөгү байламталуу татаал сүйлөмдөрдүн түрлөрү жана анын өнүгүшү. //Материалы республиканской научно-практической конференции "Жизнь, отданная народу", посвященной 100-летию выдающегося государственного деятеля Юсупа Абдрахманова, 25-26 декабря, Бишкек, 2002,91-98-б.
11. Адабий - көркөм стилде бышыктоочтордун парцелляцияланышындагы өзгөчөлүктөр. //К.К.Сартбаев - окумуштуу жана педагог. Бишкек, 2002, 61-66-б.
12. Көркөм чыгармаларда толуктоочтун парцелляцияланышындагы өзгөчөлүктөр //Вестник КГНУ серия 1, выпуск 3-4. Бишкек, 2002, 68-69-б.
13. Көркөм чыгармаларда баяндоочтун жана аныктоочтун парцелляттык милдетте келүү өзгөчөлүктөрү //Вестник КГНУ серия 1, выпуск 3-4. Бишкек, 2002, 69-72-б.
14. Парцелляциялык түзүлүштөгү тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр. //Билим жана тарбия, Бишкек, 2003, 64-68-б.
15. Тил жана кептин жалпы тил илиминде сыпатталышы //Билим жана тарбия, 2004, 2 (4). Бишкек, 2005, 44-51-б.
16. Татаалдашкан синтаксистик конструкциялардын проблемалары жана изилдөө объектиси //Билим жана тарбия 2004, 2 (4). Бишкек, 2005, 51-56-б.

17. Тил жана кептик бирдиктерди ажырымдоо проблемасы //Билим жана тарбия 2005, 1-2 (5-6). Бишкек, 2005, 406-422-б.
18. Ч.Айматовдун суук көздөн сактоочусу, же өрт өчүргүч… //Билим жана тарбия, 2006, № 1 (7). Бишкек, 2006, 63-69-б.
19. Атама фразалар //Билим жана тарбия, 2006, № 1 (7). Бишкек, 2006, 85-89-б.


**Токоев Таалайбек Токтосунович**

**Кыргыз тилинин экспрессивдик синтаксиси**

**10.02.01-Кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертация.**

## РЕЗЮМЕ


**Негизги сөздөр: тил, сүйлөшүү, сүйлөм, экспрессивдүүлүк, айтым, фраза, конструкция, парцелляция, парцеллят, сегментация, атама тема, прагматика, актуалдуу жиктелүү, кесинди конструкциялар, позициялык-лексикалык кайталоо.**

Диссертациялык эмгек кыргыз тилиндеги экспрессивдик синтаксистик конструкциялардын табият-маңызын, өзгөчөлүктөрүн айкындоого арналган.

Кириш бөлүмдө изилдөөнүн актуалдуулугу, теориялык, практикалык баалуулугу, максаты жана милдеттери аныкталып, коргоого коюлуучу жоболор такталат да, эмгектин апробацияланышы, жарык көргөн эмгектер жөнүндө кыскача маалыматтар берилген.

Биринчи главада жалпы тил илиминде тил жана сүйлөшүү проблемасынын коюлушу жана чечилиши жөнүндөгү теориялык маселелер изилденип, тилдеги, анын ичинде синтаксистик экспрессия, экспрессивдүүлүк жана экспрессивдүү синтаксистик конструкциялар жөнүндө түшүнүктөр такталып, сүйлөшүү бирдиктери аныкталат. Ошондой эле сүйлөшүүдөгү айтымдардын фразаларга ажыраты, жазуу сүйлөшүүсүндөгү тыныш белгилердин ролуна да басым жасалат.

Экинчи главада экспрессивдүү синтаксистик конструкциялардын айкын көрүнүшү катары парцелляция кубулушу изилдөөгө алынып, мындай конструкциялардын түзүлүш элементтери такталат. Парцелляциянын стилистикалык, синтаксистик жана прагматикалык өзгөчөлүктөрү кеңири изилдөөгө алынат.

Үчүнчү главада сегменттелген жана атама фразалардын синтаксистик, стилистикалык жана прагматикалык өзгөчөлүктөрү кеңири изилдөөгө алынып, алардын актуалдуу жиктелүүсү анализденген.

Төртүнчү глава кесинди конструкциялардын (апозиопезис) жана позициялык-лексикалык кайталоонун синтаксистик-стилистикалык, прагматикалык жана коммуникативдик өзгөчөлүктөрү терең изилдөөгө алынган.

Корутунду бөлүмдө диссертант аталган проблемалар боюнча өз жыйынтыктарын сунуштайт.


**Токоев Таалайбек Токтосунович**

**Экспрессивный синтаксис кыргызского языка**

**Диссертация на соискание ученый степени доктора филологических наук по специальности 10.02.01. - кыргызский язык.**



## РЕЗЮМЕ


**Ключевые слова:** язык, речь, предложение, экспрессивные средства, экспрессивность, высказывание, фраза, конструкция, парцелляция, основная фраза, сегментация, прагматика, актуальное членение, усеченные конструкции (апозиопезис), позиционно-лексический повтор.

Диссертационная работа посвящена сущности и особенностям экспрессивных синтаксических конструкций кыргызского языка.

Во введении определяются актуальность, теоретическая и практическая значимость, цели и задачи исследования, устанавливаются положения, выдвигаемые на защиту, приводятся апробация и краткие сведения об опубликованных трудах.

В первой главе исследуются теоретические вопросы решения проблемы языка и речи в русле общего языкознания, уточняются понятия синтаксической экспрессии, экспрессивности и экспрессивных синтаксических конструкций в языке, определяются речевые единицы. Также делается акцент на деление речевых высказываний на фразы, роли знаков препинания в письменной речи.

Во второй главе изучается явление парцелляции как яркое проявление экспрессивных синтаксических конструкций, устанавливаются единицы и элементы подобных конструкций. Широко исследуются стилистические, синтаксические и прагматические особенности парцеллированных конструкций.

В третьей главе исследуется синтаксико-стиллистическое и прагматическое своеобразие сегментированных конструкций и номинативных фраз и их актуальное членение.

В четвертой главе подвергается углубленному изучению особенности усеченных конструкций (апозиопезисов) и синтаксико-стиллистических, прагматических и коммуникативных особенностей позиционно-лексического повтора.

В заключении диссертант резюмирует свои выводы по названным проблемам.


**Tokoev Taalaybek Toktosunovich**

**Expressive syntax of the Kyrgyz language**

**Doctoral dissertation of Philologial Sciences in the sphere of 10.02.01. - Kyrgyz language**

## RESUME


**Key words:** language, speech, expressiveness, phrase, construction, parceller, segmentation, pragmatics, actual devision, apoziopesis, positional-lexical repetion, communicability, main phrase, naming themes.

The dissertation paper is devoted to the essence and peculiarities of expressive syntactical constructions in the Kyrgyz language. The vitality, theoretical and practical importance, aims and goals of the research are defined in the introduction chapter, as well as the regulations of the defense, approbation and short information of the published works.

The first chapter deals with theoretical questions - solutions to the problems connected with the language and speech from the view point of linguistics, the author gives precise definition to the notion of syntactical expression, expressive syntactical constructions in the language, defines language units. The special attention is given to the division of speech statements into phrases, the role of punctuation marks in the written speech.

The second chapter researches the notion of parsellation as a vivid example of expressive syntactical constructions. Stylistic, syntactical and pragmatic peculiarities of parsellated constructions are widely researched.

The third chapter researches syntactic, stylistic and pragmatic originality of segmented constructions and nominative phrases and their actual division.

The fourth chapter has deep studies of peculiarities of shorten constructions (aposiopesis) and syntactic-stylistic, pragmatic and communicative peculiarities of positional-lexical repetition.

In the final chapter the author makes conclusions on the above- mentioned problems